Б. ЧЕРИКЧИЕВ,
К. ЧЫҢГЫШЕВ

# КАНТ КЫЗЫЛЧАСЫНЫН ӨЗДҮК НАРКЫН ТӨМӨНДӨТҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

Б. ЧЕРИКЧИЕВ,
К. ЧЫНГЫШЕВ

# КАНТ КЫЗЫЛЧАСЫНЫН ӨЗДҮК НАРКЫН ТӨМӨНДӨТҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

„КЫРГЫЗСТАН" БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ—1972

**Черикчиев Б., Чынгышев К.**

**Ч—47** Кант кызылчасынын өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн жолдору. Ф., «Кыргызстан», 1972.
76 бет.
3000 экз. 10 т.

Бул китепчеде авторлор далилдүү эсептөөлөрдүн негизинде эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу жана кант кызылчасынын өздүк наркын төмөндөтүүнүн жолдору боюнча бир катар кеңештерди беришет.

I. Авторлош.

Черикчиев Б., Чынгышев К.

Пути снижения себестоимости сахарной свеклы.

Заказ 2519 633.6

## КИРИШ СӨЗ

КПССтин XXIV съездинин резолюциясында ишти бардык жактардан механизациялоонун жана илимди, алдыңкы тажрыйбаны колдонуунун негизинде бардык колхоздор менен совхоздордо ырааттуу түрдө интенсификациялоо ишин жүргүзүп, дыйканчылыктын жана мал чарбасынын жогорку маданияттуулугуна жетишип, бардык өсүмдүктөрдүн түшүмүн кескин түрдө көбөйтүү жана эмгекти эң аз жумшоо менен ар гектардан продукциянын чыгышын көбөйтүү — айыл чарба продукциялары жагынан өлкөнүн өсүп жаткан муктаждыктарын канааттандыруунун, айыл чарбасын өркүндөтүүнүн башкы жолу деп көрсөтүлгөн.

Дыйканчылыктын жана мал чарбасынын маданиятын мындан ары өркүндөтүүгө байланыштуу милдеттерди чечүү жана чараларды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык-техникалык базаны түзүү иши колхоздордун негизги жана оборот фондуларында зор накоплениелерди талап кылат. Ошондуктан колхоздорду өнүктүрүүнүн азыркы кездеги этабында өзүнө турган наркты төмөндөтүүнүн жана айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн рентабелдүүлүгүн жогорулатуунун мааниси күчөп олтурат. Бул же тигил буюм канчалык каражат менен иштелип чыгарылгандыгы коом үчүн айырмасыз болуп саналбайт. Эң аз чыгым менен продукциянын көп иштелип чыгарылышына, анын сапаты жакшыртылышына коом абдан кызыгат.

Эл чарбасынын башка тармактарындагыдай эле, айыл чарба продукцияларынын өзүнө турган наркы айыл чарба өндүрүшүнүн ишин бардык жактардан мүнөздөгөн, жыйынтыктоочу көрсөткүч болуп саналат.

Эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгели, жерди, негизги жана оборот фондуларын туура пайдалануу, административдик башкаруу аппаратына, продукцияны өндүрүүгө жана сатып өткөрүүгө байланыштуу кеткен транспорттук жана башка чыгымдарды кыскартуу продукциянын өзүнө турган наркына таасир көрсөтөт.

Продукциянын бирдигинин өзүнө турган наркы өндүрүштүк бүткүл цикл боюнча чыгымдарды белгилөөгө жана ага контролдук кылууга мүмкүндүк келтирет. Колхоздор жана совхоздор өндүргөн продукциянын саны, сапаты жана өзүнө турган наркы өндүрүштү мыкты уюштургандыктын белгиси болуп саналат, чарбага жетекчиликтин деңгелин көрсөткөн күзгү болуп турат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн азыркы кездеги өлчөмүндө продукциянын өзүнө турган наркын кичине эле төмөндөтүү да аябаган зор суммага барабар көп каражатты үнөмдөп берет. Продукциянын өзүнө турган наркын бир процентке гана төмөндөтүү менен, Кыргызстандын колхоздору жана совхоздору жыл сайын 5,8 миллион сомдон ашык кошумча киреше ала алышат, анын ичинде өсүмдүктөрдөн 2,3 миллион сом жана мал чарбасынан 3,5 миллион сом кошумча киреше ала алышат. Мынчалык акчага кошумча 1450 ДТ—54А маркасындагы тракторду же бир кыйла сандагы башка ар кандай техниканы, шаймандарды жана жабдууларды сатып алууга болот.

Продукциянын өзүнө турган наркы өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн жогорулатуунун негизи болуп саналат, бул болсо өндүрүштү кеңейтүүнү камсыз кылат жана эл керектөөчү товарлардын бааларын төмөндөтүүнүн чечүүчү фактору болуп саналат. Өндүрүштүн көлөмүн өстүрүү менен бирге продукциянын өзүнө турган наркын төмөндөтүү эмгекчилердин турмуш деңгелин жогорулатуунун зарыл шарты болуп эсептелет.

Ошондуктан айыл чарба кызматкерлеринин алдында негизги жана оборот фондуларын, эмгек жана финансы ресурстарын мыктылап пайдалануунун негизинде өндүрүштүн ашык чыгымдарын жоюу, коромжуну жоготуу менен айыл чарба продукцияларынын өзүнө турган наркын төмөндөтүү жагынан конкреттүү милдет турат.

Бул милдетти иш жүзүнө ашыруу үчүн продукция өндүрүү канчага түшүп жаткандыгын, айрым элементтердин чоңдугу, анын структурасы кандай экендигин

ылгап билүү, ошентип, эмгекти жана каражатты аз чыгымдоо менен жер аянтынын бирдигинен эң көп продукция алууга жетишүү зарыл.

## АЙЫЛ ЧАРБА ПРОДУКЦИЯСЫНЫН ӨЗҮНӨ ТУРГАН НАРКЫ ЖАНА АНЫ ЭСЕПТӨӨНҮН МЕТОДДОРУ

Айыл чарба продукциясынын өзүнө турган наркы ошол продукциянын баасынын тийиштүү формада айтылган бөлүгү болуп саналат, буга өндүрүшкө жана эмгек акы төлөөгө чыгымдалган каражат кирет.

Өзүнө турган нарк — колхоздордун чарбалык ишинин эң маанилүү, жыйынтыктоочу көрсөткүчү. Продукция өндүрүүгө эмгек жана каражат канчалык аз чыгымдалса, колхоз өндүрүшү ошончолук жакшы уюштурулган жана өтө ылайыктуу жүргүзүлгөн болот. Продукциянын өзүнө турган наркынан эмгек өндүрүмдүүлүгү, айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү, күйүүчү, майлоочу майдын жана башка материалдардын, жер семирткичтердин жана башкалардын ылайыктуу чыгымдалышы көрүнүп турат. Өзүнө турган нарк жана жалпы айрым тармактардын, өсүмдүктөрдүн жана продуктылардын рентабелдүүлүгүн белгилөөгө мүмкүндүк келтирет. Анын негизинде өндүрүштүн өтө ылайыктуу структуралары жана өлкөнүн табигый-экономикалык зоналары боюнча айыл чарба өндүрүшүнүн ылайыктуу жайгаштырылгандыгы белгиленет.

Өзүнө турган нарктын көрсөткүчтөрү жок болгон учурда чарбалык расчётту туура колдонуу мүмкүн эмес, чарбага туура жетекчилик кылууга болбойт. Өзүнө турган нарктын эсептемейинче чарбаны жүргүзүү мүмкүндүктөрүн туура айкындап алууга да болбойт.

Продукциянын өзүнө турган наркын эсептөөнүн объективдүү зарылдыгы ишканалардын өндүрүш чыгымдарын милдеттүү түрдө төлөп алууга жана да белгилүү өлчөмдө пайда чыгарып алууга айыл чарба өндүрүшүнүн айрым тармактары муктаж экендигинен келип чыгат.

Өзүнө турган нарктын маселелери, аны эсептөөнүн методдору жана наркты төмөндөтүүнүн жолдору негизги маселе болуп саналат, буга бардык айыл чарба кыз-

маткерлеринин башкы көңүлүн буруу жана конкреттүү ар бир чарбада бул маселени туура чечүү зарыл.

Продукциянын өзүнө турган наркын туура, экономикалык жактан негиздүү кылып эсептөө өндүрүшкө чыгымдалган каражатты, эмгек акы төлөөнү жана накоплениени так чектеп алууга жана төлөө фондусун белгилөөгө жардам берет. Ошондуктан продукциянын өзүнө турган наркы кандай бөлүктөрдөн түзүлө тургандыгын билүү зарыл. Продукциянын өзүнө турган наркына өндүрүш процессинде керектелген негизги жана оборот фондуларынын наркы жана да эмгек акы төлөөгө кеткен чыгым кирет.

Өндүрүш имараттары жана жасалгалары, тракторлор, автомобилдер, комбайндар, айыл чарба машиналары, жабдуулар, шаймандар, күч унаа жана продукциялуу мал, көп жылдык дарак өсүмдүктөрү негизги фондуларга таандык болот. Алардын наркы жаңыдан түзүлө турган продуктыларга акырындык менен, эскирип жыртылышына жараша оодарылат.

Үрөн, тоют жер семирткичтер, күйүүчү май, отун, запас бөлүктөр жана ремонт материалдары оборот фондуларына таандык болот. Алардын наркы бүт бойдон жаңыдан түзүлө турган продуктыларга оодарылат. Эмгек акы төлөө жана эмгекке бөлүштүрүлө турган продуктылардын наркы эмгек акы төлөө чыгымына кошулат.

Колхоздордо айыл чарба продукциясынын пландаштырылган жана иш жүзүндөгү өзүнө турган наркы эсептелип чыгарылат. Продукциянын пландаштырылган өзүнө турган наркы колхоздун иштелип чыгарылган өндүрүш-финансы планынын негизиндеги нормативдик көрсөткүчтөр боюнча эсептелет, аны орундатууга, өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, өндүрүштү үнөмдүү жүргүзүүгө колхозчулардын бүткүл массасы мобилизациялануура тийиш.

Иш жүзүндөгү өзүнө турган нарк жылдын аягында эсептелет аны пландалган нарк менен салыштырып көрүү чарбанын ишин туура баалоого жардам болот. Мындан тышкары өндүрүш бөлүмдөрүндө чарбалык ички расчётту колдонууда ар бир бригаданын жана ферманын ишин туура баалоого жардам болгондой кылып, бригадалар жана фермалар боюнча өндүрүштүн өзүнө турган наркы эсептелип чыгарылат.

Продукциянын өзүнө турган наркын эсептегенде материалдык-акча чыгымдарынын бардыгы түздөн-түз жана кыйыр чыгымдарга бөлүнөт. Түздөн-түз чыгымдар эмгек жана материалдык-акчалай чыгымдарга бөлүштүрүлөт жана бүт бойдон дыйканчылык менен мал чарба продукцияларынын бул же тигил түрүнө таандык кылынат.

Өзүнө турган наркка киргизилишине жараша түздөн-түз материалдык-акчалай чыгымдар элементтүү жана комплекстүү чыгымдарга бөлүнөт.

Элементтүү материалдык-акчалай чыгымдар өндүрүшкө чыгымдалган конкреттүү материалдардын наркын көрсөтүп турат. Дыйканчылык тармактарында буга эмгек акы төлөө, үрөнгө, жер семирткичке, уу химикаттарына, күйүүчү майга жана майлоочу материалга кеткен чыгым, майда шайман жана башкалар кошулат.

Транспорт паркын, автотранспортту, күч унааны, ремонт мастерскойлорун, электр станцияны, кургаткычты жана башкаларды күтүүгө кете турган чыгымдар материалдык-акчалай комплекстүү чыгымдарга кошулат. Жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдар комплекстүү жана кыйыр чыгымдар болуп саналат. Буларга негизинен бригадалык жана административдик-башкаруу чыгымдары кирет.

Эмгек акы төлөө айыл чарба продукциясынын өзүнө турган наркынын маанилүү элементтеринин бири болуп саналат. Колхоздордо жумшалган эмгек адам күндөрү менен эсептелет. Айрым колхоздордо иштөө нормасынын орундалышын эсепке албастан эле ишке чыккандыкты адам күнү деп эсептешет, ал эми кээ бир колхоздордо— иштөө нормасынын орундалышын эсептешет, бирок иш жүзүндө жумшалган убакытты эсепке алышпайт.

Айрым тармактар менен өсүмдүктөрдүн продукциясынын өзүнө турган наркын эсептегенде, эмгек акы төлөөгө жумшалган чыныгы чыгым эске алынат. Колхоз продукциясынын өзүнө турган наркын эсептегенде, баанын түзүлүшүн чечкенде жана колхоздордун ишин баалаганда зарыл болгон нормативдүү расчёттор максатка ылайыктуу болушу мүмкүн экендигин белгилөө зарыл.

Эмгек акы төлөө, ошондой эле өндүрүштүн башка бардык чыгымдары түздөн-түз жана кыйыр чыгымдарга бөлүнөт.

Өсүмдүктөрдү өстүрүүдө түздөн-түз чыгымдарга эмгек акы, дыйканчылык бригадаларында өндүрүш процессиндеги аткарылган жумуштун көлөмү үчүн төлөнгөн акы кошулат. Кыйыр чыгымдарга түздөн-түз ошол продуктыга таандык кылууга мүмкүн болбой турган эмгектин чыгымы кошулат. Алар жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдарга бөлүнөт.

Жалпы чарбалык чыгымга бригадирлерге жана өсүмдүктөрдүн бир нече түрлөрүн өстүрүүчү дыйканчылык бригадаларынын учётчиктерине төлөнүүчү эмгек акы, бригаданын курулуштарын күтүүгө жумшалган эмгек, өсүмдүктөрдүн бардык тармактарында иштеген агрономдордун эмгек акысы жана ошол сыяктуулар кошулат.

Жалпы колхоздук же жалпы чарбалык чыгымга баарыдан мурда башкаруу аппаратын — колхоздун председателин, анын орунбасарын, бухгалтерлерди, эсепчилерди, кампачыларды жана ошол өндүүлөрдү күтүү боюнча чыгымдардын бардыгы кирет.

Кыйыр жумшалган эмгек өсүмдүктөргө жараша, чыгымдалган жалпы эмгекте алардын салыштырма өлчөмү боюнча бөлүштүрүлөт. Мында продукциянын өзүнө турган наркына колхозчулардын жумшаган эмгегин киргизүү жөнүндөгү маселе айрыкча татаал болуп чыкты. Анткени, колхоздордо эмгек акы төлөө көбүнчө тармактардын кирешелерин бөлүштүрүүгө жараша, коомдук өндүрүштүн өнүгүү деңгелине жараша болот, бул болсо өз кезегинде чарбалар боюнча эмгек акы төлөө деңгелинин кескин түрдө айырмаланышына алып келет. Башкача айтканда, саны жана сапаты боюнча эмгек акы ар башкача төлөнөт. Бул болсо адамдын эмгегин жана материал каражаттарын продукциянын бирдигине бирдей эле чыгымдаган учурда өзүнө турган нарктын деңгели ар башкача болушу мүмкүн дегендикке жатат. Колхоздордо эмгек акы деңгелинин олуттуу даражада айырмалангандыгы колхоздордогу продукциянын өзүнө турган наркы чыгымдалган эмгек совхоздордогу акы төлөө нормалары боюнча бааланган учурда гана объективдүү болушу мүмкүн деп экономисттердин айтууларына негиз берген.

Колхозчуларга эмгек акы төлөөнүн деңгелине киреше бөлүштүрүүнүн мүнөзү бир кыйла таасир көрсөтөт. Ушул кезге чейин колхоздордун көпчүлүк бөлүгү акчалай жана натуралай кирешелерди эмгекке жараша бө-

лүштүрө тургандыгы белгилүү. Мында натуралай кирешелер ар кайсы колхоздордо бөлүштүрүлө турган бардык кирешелерде ар түрдүү салыштырма өлчөмдө болот. Ошондуктан бөлүштүрүлө турган бардык кирешелерде натуралай кирешелердин салыштырма өлчөмү канчалык жогору болсо, эмгектин баасы жана продукциянын өзүнө турган деңгели ошончолук жогору болот. Демек, мындай болгон учурда продукциянын бирдигин өндүрүүгө эмгек менен каражаттын чыгымы бирдей эле болгон учурда ар кайсы колхоздордо өзүнө турган деңгел да ар башкача болушу мүмкүн.

Өндүрүштүн жана бөлүштүрүүнүн жогоруда көрсөтүлгөн жана башка бир катар өзгөчөлүктөрүнөн улам колхоздордо продукциянын өзүнө турган наркын эсептеген учурда эмгек акыга чыгымдарды белгилөөдө кыйынчылыктар түзүлөт. Ошондой кыйынчылыктарды эске алуу менен колхоз продукциясынын өзүнө турган наркын колхозчулардын эмгегин нормативдүү баалоо менен эсептөө жөнүндөгү сунуш кабыл алынган болучу. Бул маалыматтар өлкөнүн ар түрдүү табигый-экономикалык зоналарында айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугун жана салыштырма өзүнө турган наркты анализдеп баалоо үчүн жана да айыл чарба продуктыларын сатып алуунун зоналык бааларын белгилеген учурда керек болгон.

Бирок нормативдүү өзүнө турган нарк чарбалык ички расчётту колдонуу талабына жана колхоздордо өндүрүштүн рентабелдүүлүгүн белгилөөгө ылайык келбейт, бул болсо чарбалык иштерди, иш жүзүндөгү чыгымды жана натыйжаларды салыштырып көрүүгө негизделет. Эмгек акы төлөөнүн чыгымдары жана башка чыгымдар, ошондой эле пайдалар менен зыяндар колхоздун бухгалтерия учётунун маалыматтарына туура келүүгө тийиш. Эмгекти шарттуу баалаган учурда өзүнө турган наркта чыгымдардын чыныгы үнөмдөлүшүн эсептөө жана колхоздордун пайдасы менен зыянын белгилөө мүмкүн болбой калат.

Колхоздор менен совхоздордо калькуляция түзгөн кезде жумшалган эмгектин бардыгы жалпы бир статья менен эсептелбейт, ошонун натыйжасында чыгымдын элементтери боюнча өзүнө турган структура бурмалана тургандыгы учёттун азыркы убакытта колдонулуп жаткан системасынын олуттуу кемчилиги болуп саналат.

Эмгектин түздөн-түз чыгымдары менен катар продукциянын өзүнө турган наркынын структурасында жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдар катарында (трактор паркы, автотранспорт, күч-унаа, электр станция жана ошол сыяктуулар) калькуляцияга киргизилген эмгек чыгымдары бир кыйла үлүштү түзөт.

Чыгымдалган эмгектин бардыгын алардын өндүрүштүк максаты боюнча өсүмдүктөрдүн өлчөмүнө жана малдын түрүнө топтоп, майдалап чачууга жол бербеген учурда продукциянын өзүнө турган наркынын структурасы чыныгы деңгелге салыштырганда олуттуу даражада өзгөрүлөт. Продукциянын өзүнө турган наркында эмгек акынын үлүшү айрыкча өзгөрүлөт.

Колхоздор менен совхоздордогу учёт системасынын жана продукциянын өзүнө турган наркынын дагы бир кемчилиги кыйыр чыгымдардын бардыгын түз чыгымдарга теңеп бөлүштүрүүнүн азыр колдонулуп жаткан методунда турат. Бул методдун кемчилиги ал эмгек начар механизацияланган продуктылардын өзүнө турган наркын негизсиз түрдө жогорулаткандыгында болуп жатат. Ушуга байланыштуу ишти механизациялоонун деңгели бир кыйла жогору болгон дан, тоют өсүмдүктөрүнө салыштырганда техникалык жана жашылча өсүмдүктөрү пайдасыз абалда болуп калып олтурат.

Эмгек чыгымдары сыяктуу эле материалдык-акчалай чыгымдар түздөн-түз жана кыйыр чыгымдарга бөлүнөт. Баарыдан мурда үрөн, тоют, жер семирткич, амортизация жана өндүрүштүн негизги аспаптарынын кезектеги ремонту түздөн-түз материалдык-акчалай чыгымга кошулат.

Материалдык-акчалай кыйыр чыгымдар жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдарга бөлүнөт. Чарбалардын айрым бөлүмдөрүндө же жалпы айрым тармакта (өсүмдүк, мал чарба тармагында) өндүрүштү уюштурууга жана тейлөөгө байланыштуу чыгымдардын түрлөрү жалпы өндүрүштүк чыгымдар деп аталат. Бардык тармактары жана бөлүмдөрү менен бирге чарбаны жалпысынан башкарууга байланыштуу чыгымдар жалпы чарбалык чыгым болуп саналат. Буга жалпы чарбада пайдаланыла турган негизги аспаптардын амортизациясын, алардын кезектеги ремонтунун чыгымдары жана жалпы чарбалык максаттагы башка чыгымдар кирет.

Буга чейин акчалай-материалдык каражаттын чыгы-

мын эсептөө методдорунда көп нерселер талаш болуп жүрөт. Келерки жылга өтө турган материалдык баалуу нерселерди баалодо кемчиликтер айрыкча көп. Чарбалык ички оборот түрүндө пайдаланыла турган өз өндүрүш продуктылары ар кайсы учурларда ар башкача баалануудa: өндүрүш муктаждыктарына кете турган продуктылар чарбалык жыл бүткөнгө чейин өзүнө турган пландуу нарк боюнча бааланат, эгерде отчёттук жылда пайдаланылса, жылдын аягына чейин чыныгы наркы боюнча бааланат; келерки жылга өтө турган үрөн, тоют запастары жана ошол сыяктуулар чыныгы же пландуу наркы боюнча бааланып жүрөт, бирок аларды сатып алуу баасынан жогору бааланбайт.

Өткөн жылы өндүрүлгөн үрөн быйылкы жылдын түшүмү үчүн пайдаланылган учурда, эгерде үрөн өз баасынан кем нарк боюнча бааланса, быйылкы жылы түзүлгөн дүң жана таза кирешенин суммасы жасалма түрдө жогорулап калат. Ошондуктан аларды өзүнө турган нарк боюнча эмес, сатып өткөрүү наркы боюнча баалоо керек. Бул теориялык жактан да, практикалык жактан да туура болот, анткени таза дүң киреше үрөндүн, тоюттун сатып өткөрүлгөн бөлүгүндө гана эмес, өзүнүн өндүрүштүк муктаждыктары үчүн чарбада калтырылган бөлүгүндө да бар.

Кыйыр чыгымдарды өсүмдүктөргө жана малдын түрлөрүнө бөлүштүрүү жолу да — маанилүү маселе.

Жогоруда биз эмгектин кыйыр чыгымдарын жасалма түрдө эмгектин түз чыгымдарына теңме-тең кылып бөлүштүрүү механизациялоо деңгели өтө жогору болгон чарбаларда тармактын продукциясынын өзүнө турган наркын жасалма түрдө төмөндөтөт, тескерисинче, механизациялоо анчалык жогорку деңгелде болбогон тармактарда аны жогорулатат деп көрсөттүк. Бул кемчилик дан өсүмдүктөрүнөн башка кант кызылчасы, жашылча жана картошка өңдүү эмгекти көп талап кылган өсүмдүктөр эгилип өстүрүлө турган чарбалардын продукциясынын өзүнө турган наркын эсептеген учурда бөтөнчө ачык көрүнөт.

Жумуштарды механизациялоонун текши эместиги түрдүү өсүмдүктөрдүн жалпы чыгымында эмгек акынын салыштырма өлчөмүн кескин түрдө айырмалуу кылып коёт, бул өз кезегинде жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдарды туура эмес бөлүштүрүүгө алып

келет. Маселен, 1970-жылы Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо кант кызылчасынын жалпы чыгымында кыйыр чыгымдардын үлүшү 15,4 процент болсо, дан өсүмдүктөрүндөгү чыгым 8,9 процент болгон. Сокулук районундагы колхоздордо дыйканчылыкка туура келген кыйыр чыгымдардын жалпы суммасынан 63 проценти жалаң гана кант кызылчасына таандык кылынган, бул болсо ошол өсүмдүктүн өзүнө турган наркын жасалма түрдө жогорулаткан. Биздин пикирибиз боюнча кыйыр чыгымдар эмгек акы төлөө чыгымына теңме-тең бөлүштүрүлбөстөн, эмгек чыгымын да, материалдык-акчалай каражаттын чыгымын да кошуп, түздөн-түз жалпы чыгымдарга теңме-тең кылып бөлүштүрүлүүгө тийиш. Продукциянын өзүнө турган наркын болжолдонгон методика боюнча белгилөөгө убакыт жеткендигин азыр айрым изилдөөчүлөр гана эмес, бүтүндөй илимий коллективдер да моюнга алып жатышат.

Негизги метод катарында колхоздор менен совхоздордун продукцияларынын структуралык өзгөрүүлөрүн жана өзүнө турган наркын анализдөө үчүн салыштырма анализ методу колдонулуп жатат, бул метод мезгилдер боюнча, чарбалар, райондор жана областтар боюнча отчёттук жылдагы өндүрүш чыгымдарынын деңгелин жана структурасын ылгап билүү үчүн зарыл.

Айдоонун гектарына эсептөө менен кезектеги өндүрүш чыгымдарынын деңгели жана структурасы өндүрүш чыгымдарынын ылайыктуу структурасын белгилөө үчүн маанилүү көрсөткүч болуп саналат. Бул көрсөткүч чарба боюнча жалпысынан өндүрүш чыгымынын структурасынын өлчөмүнө айрым айыл чарба өсүмдүктөрүнүн таасирин белгилөө үчүн зарыл.

Айдоонун гектарына эсептегенде кезектеги өндүрүш чыгымынын деңгели жана структурасы чыгымдын өсүш темпинин салыштырма өлчөмү өзгөрүлгөндүгүн жана ошол өсүмдүк боюнча продукциянын чыгышын белгилөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн, бул көрсөткүч өз ара алмаштырылуучу өсүмдүктөрдүн экономикалык баасы үчүн да зарыл. Продукциянын центнерине чыгымдын деңгели жана структурасы маанилүү экинчи көрсөткүч болуп саналат, бул өз ара алмаштырыла турган өсүмдүктөрдү өндүрүүнүн пайдалуулугун белгилөө үчүн өндүрүш чыгымындагы структуралык жылыштарды анализдеген учурда пайдаланылат.

Кезектеги өндүрүш чыгымдарынын натыйжалуулугуна экономикалык баа берүү үчүн пайдаланыла турган дүң продукциянын сомуна чыгымдар продукциянын өзүнө турган наркынын деңгелиндеги өзгөрүүлөрдү белгилөөчү үчүнчү көрсөткүч болуп саналат. Бул көрсөткүч жыйынтыктоочу болуп саналат жана өндүрүштүн, өндүрүш чыгымдарынын натыйжалуулугунун эң маанилүү көрсөткүчтөрүнүн катарына кошулат.

Бүткүл айыл чарбасы боюнча чыгымдын абсолюттук өлчөмдөрүндөгү жана эң маанилүү тармактардагы өзгөрүүлөрдү изилдеген учурда өндүрүш чыгымынын суммасынын көбөйүшү ошону менен бирге дүң продукция көбөйгөн учурда жакшы деп бааланышы мүмкүн. Мында дүң продукциянын өсүш темпи продукциянын өзүнө турган наркынын өсүш темпинен озуп кетүүгө тийиш.

Продукциянын өзүнө турган наркынын структурасын анализдеген кезде эмгек акы төлөө чыгымынын жана материалдык чыгымдардын салыштырма өлчөмүнө көңүл бөлүнүүгө тийиш. Структуранын эмгек акынын салыштырма өлчөмүнүн азайышын көздөп жана материалдык чыгымдын үлүшүн көбөйтүү жагында өзгөрүлгөндүгү оңтойлуу болуп саналат. Бул техникалык прогресс, эмгек өндүрүмдүүлгүнүн өскөндүгү жана өндүрүмдүүлүк менен эмгек акынын өсүш темпинин салыштырма өлчөмү туура экендиги жөнүндө далил болот.

Өсүмдүк продукцияларынын өзүнө турган наркындагы структуралык жылыштарды ылгап көргөн учурда бир гектар айыл чарба аянтына жана бир гектар айдоого чыгымдын жана дүң продукциянын өсүш темпинин салыштырма өлчөмүнө жана да дүң продукциянын бир сомуна чыгымдын суммасынын өзгөрүлгөндүгүнө айрыкча көңүл бурулууга тийиш. Бул көрсөткүчтөрдү анализдөө айыл чарба өндүрүшүнүн структурасындагы өзгөрүүлөрдүн натыйжалуулугун өтө толук жана объективдүү баалоого мүмкүндүк келтирет.

## КАНТ КЫЗЫЛЧАСЫНЫН ӨЗҮНӨ ТУРГАН НАРКЫНЫН АЗЫРКЫ ДЕҢГЕЛИ ЖАНА ДИНАМИКАСЫ

Продукциянын өзүнө турган наркын ар тараптан анализдөө сарптоолорду жана бардык айыл чарба өндүрүшүн пландаштыруунун, колхоздорго жана совхоздор-

го чарбалык жетекчиликти жакшыртуунун зарыл шарты болуп саналат. Айыл чарбасын өнүктүрүүнүн планын иштеп чыгууда чыгымдын жалпы суммасын продукциянын бирдигине салыштыруу өндүрүштүн структурасынын ар түрдүү жолдоруна экономикалык жактан баа берүүнүн башкы методу болуп эсептелет. Мунун өзү пландаштырылып жаткан жылда айыл чарбасынын абдан рационалдуу структурасын тандап алуу үчүн керек болот.

Республиканын колхоздору менен совхоздорунда айыл чарба өндүрүшүнүн көлөмүнүн көбөйүшү жана анын структурасындагы кийинки жылдарда болуп өткөн өзгөрүүлөр абсолюттук өлчөмдөрдүн өсүшүн жана да өндүрүштүк сарптоолордун структурасында айрым бир өзгөрүүлөрдү пайда кылды. Айыл чарбасынын коомдук секторундагы өсүмдүк өстүрүүчүлүк тармагында 1965—1970-жылдарда өндүрүштүк сарптоолордун өлчөмдөрү төмөндөгү цифралар менен мүнөздөлөт. (№ 1-таблица).

1-таблица

**Кыргыз ССРинин колхоздору менен совхоздорунда 1966—1970-жылдардагы өндүрүштүк сарптоолор** (миң сом)

| Жылдар | Коомдук сектор (колхоз жана совхоз) | | Анын ичинде: колхоздор | | совхоздор | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | өндүрүштүк бардык чыгымдар | бир жыл ичиндеги көбөйүү, азаюу | өндүрүштүк бардык чыгымдар | бир жыл ичиндеги көбөйүү, азаюу | өндүрүштүк бардык чыгымдар | бир жыл ичиндеги көбөйүү, азаюу |
| 1966 | 231314 | — | 169958 | — | 61355 | — |
| 1967 | 236150 | +4836 | 169622 | — 336 | 66528 | +5173 |
| 1968 | 245085 | +8935 | 173021 | +3399 | 72064 | +5536 |
| 1969 | 250484 | +5399 | 174182 | +1161 | 76302 | +4238 |
| 1970 | 278210 | +27726 | 190038 | +15856 | 88162 | +11860 |

Таблицадан көрүнүп тургандай республиканын колхоздору менен совхоздорунда дыйканчылык продукцияларын өндүрүүдө сарптоолор 1966-жылдагы 231 314 миң

сомдон 1970-жылдагы 278 210 миң сомго чейин өскөн, башкача айтканда, 46 896 миң сомго көбөйгөн. Мында өндүрүштүк сарптоолордун суммасы беш жылдын ичинде колхоздор боюнча бар болгону 19 717 миң сомго көбөйгөн, совхоздордо 16 098 миң сомго азайган.

Буга байланыштуу коомдук сектор боюнча өндүрүштүк сарптоолордо совхоздордун салыштырма салмагы 26,5 проценттен 31,7 процентке чейин жогорулаган. Бул болсо негизинен начар өнүккөн колхоздордун базасында жаңы совхоздордун түзүлүшүнө байланыштуу совхоздук өндүрүүлөрдүн көлөмүнүн көбөйүшү, ошондой эле белгилүү өлчөмдө совхоздордо эмгек акы фонддуларынын өсүшү менен түшүндүрүлөт.

Коомдук сектор боюнча чыгымды көбөйтүү бүт бойдон эгүү аянттарын кеңейтүүнүн, эмгекти көп талап кылуучу техникалык өсүмдүктөрдүн аянттарын көбөйтүүнүн эсебинен келип чыккан.

Колхоздор менен совхоздордо беш жылдын ичинде себүү аянттары 1170,1ден 1264,2 миң гектарга чейин же болбосо 94,1 миң гектарга көбөйгөн. Тоют өсүмдүктөрүн себүү 114,0 миң гектарга өскөн.

Колхоздор менен совхоздордо өндүрүштүк сарптоолордун абсолюттук өлчөмдөрүнүн өсүү темпи бул жылдардын ичинде дүң продукциянын өсүү темпинен ашып кетти. Өсүмдүк өстүрүүчүлүк боюнча жылдык орточо чыгым 5,7 процентти, ал эми дүң продукция боюнча 1,6 процентти, жалпы эле айыл чарбасы боюнча 7 жана 1,6 процентти түзгөн. Эмгекти көп талап кылуучу өсүмдүктөрдү эгүү аянтын көбөйтүүгө, айыл чарба өндүрүшүн механизациялаштырууну жогорулатууга, жер семирткичтерди арбын пайдаланууга жана эмгек акынын деңгелинин өсүшүнө байланыштуу эгилүүчү 1 гектар аянтка алып эсептегенде чыгымдоолор колхоздордо 1965-жылдагы 242 гектардан 1970-жылы 250 гектарга, совхоздордо — 150,0 дон 192 ге жана колхоздор менен совхоздор боюнча орточо 210дон 230га чейин өскөн.

Бул мезгилдин ичинде бардык өсүмдүктөрдүн ар бир гектарына чыгымдоолор өскөн. Мунун аркасында айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгү бир аз гана жогорулаган, анын натыйжасында алардын өзүнө турган наркы да жогорулаган. Ошентип, 1963—1969-жылдардын ичинде 8 түрдүү негизги өсүмдүктүн ичинен колхоздордо 7 түрүнүн жана совхоздордо 6 түрүнүн өзүнө турган

наркы жогорулаган — алардын ичинде дандын өзүнө турган наркы (жүгөрүнү кошкондо) колхоздордо 18,7% жана совхоздордо 7,5%, жүгөрүнүн данынын — 40,7% жана 19,0%, картошканыкы — 40,3% жана 36,0%, жашылчаныкы — 14,9% жана 47,4%, кант кызылчасыныкы — 42,9% жана 26,7%, тамекиники — 47,1 жана 43,7% жогорулаган.

2-таблица

**Колхоздордо 1966—1970-жылдарда өсүмдүк өстүрүүчүлүк боюнча өндүрүштүк сарптоолордун жана дүң продукциянын абсолюттук өлчөмдөрүнүн өсүү темптеринин өз ара катышы** (миң сом менен)

| Жылдар | Айыл чарбасы бүт бойдон | | Өсүмдүк өстүрүүчүлүк | | Мал чарбасы | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | өндүрүштүк сарптоолор | дүң продукция | өндүрүштүк сарптоолор | дүң продукция | өндүрүштүк сарптоолор | дүң продукция |
| 1965 | 299815 | 408773 | 148515 | 194181 | 151300 | 214592 |
| 1966 | 337053 | 431388 | 169958 | 231853 | 167095 | 199535 |
| 1968 | 264603 | 459558 | 173021 | 221238 | 191582 | 238320 |
| 1970 | 405650 | 435575 | 190038 | 211167 | 215612 | 224408 |
| Өсүштүн жылдык орточо темпи процент менен | 7 | 1,6 | 5,6 | 1,6 | 8,0 | 0,9 |

1966—1970-жылдарда кант кызылчасынын өзүнө турган наркы 1,81ден 2,03ке, дан 3,78ден 4,22ге чейин, көп жылдык чөптөр 0,88ден 1,63 сомго чейин жогорулагандыгын таблицадагы маалыматтар көрсөтүп турат.

Продукциянын өзүнө турган наркынын деңгелине өндүрүштү уюштуруунун экономикалык шарты гана таасир этпестен, ошону менен эле бирге жер кыртышынын асылдуулугу, айыл чарба мезгилинин узактыгы, эмгекти уюштуруу жана акы төлөөлөр да таасир этет. Ошондуктан айыл чарбасынын ошол эле бир продуктысынын өзү-

**Чүй өрөөнүндөгү колхоздордогу өсүмдүк өстүрүүчүлүк боюнча продукциянын өзүнө турган наркынын динамикасы**

| Өсүмдүктөр | 1966 | 1967 | 1968 | 1969 | 1970 | 1970-жылы 1966-жылга карата % менен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан (жүгөрүнү кошпогондо) | 3,78 | 3,86 | 4,65 | 4,73 | 4,22 | 111,5 |
| Кант кызылчасы | 1,81 | 1,67 | 2,02 | 1,96 | 2,03 | 112,2 |
| Жүгөрүнү силостоо | 0,57 | 1,60 | 0,57 | 0,66 | 0,58 | 100,1 |
| Көп жылдык чөптөр | 0,88 | 0,41 | 1,25 | 1,57 | 1,61 | 183,0 |

нө турган наркынын чоңдугу колхоздор менен совхоздордо, областтар жана райондор боюнча гана өйдө-ылдый болбостон, айыл чарбасынын бир эле башкармасынын чегинде болгон айрым чарбаларда да айырмаланып турат.

1970-жылы Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо дандын өзүнө турган наркы орточо эсеп менен 4,22 сомду, ал эми Калинин районунун колхоздорунда болсо 4,54 сомду түзгөн, башкача айтканда, 8% кымбат болгон.

Өрөөндүн колхоздорунда 1 центнер кант кызылчасынын өзүнө турган наркы 2,03 сомду, Калинин районунун колхоздорунда болсо 2,13 сомду, Кемин районунда 2,27 сомду түзгөн.

Чүй өрөөнүнүн алдыңкы колхоздору ар гектардан 400—450 центнерден жана андан да арбын түшүмдү алып, түшүмдүүлүктүн жогорку деңгелин камсыз кылуу менен 1 центнер кант кызылчасын өндүрүүгө чыгымдарды жумшоону 1,50—1,60 сомго чейин төмөндөтүүгө жетишүүдө.

Кант кызылчасынын өзүнө турган наркы боюнча Чүй өрөөнүндөгү колхоздордун группага бөлүнүшү азыркы убакта анын деңгелинде чоң айырмачылыктардын бар экендигин көрсөтүп турат. Мисалы, 1 центнер кант кызылчасынын өзүнө турган наркы 0,90 сомго

**Чүй өрөөнүндөгү райондор боюнча өсүмдүк өстүрүүчүлүк боюнча продукциялардын негизги түрлөрүнүн өзүнө турган наркынын деңгелинин айырмаланышы** (процент менен)

| Райондор | Дан өсүмдүктөрү (жүгөрүнү кошпогондо) | Силостук жүгөрү | Кант кызылчасы | Көп жылдык чөптөр |
|---|---|---|---|---|
| Кемин | 99,0 | 74,1 | 112,3 | 86,9 |
| Чүй | 105,7 | 106,9 | 100,5 | 97,5 |
| Кант | 91,2 | 105,2 | 97,5 | 107,4 |
| Сокулук | 101,2 | 125,8 | 102,9 | 109,9 |
| Москва | 92,6 | 101,7 | 93,1 | 97,5 |
| Калинин | 107,6 | 87,9 | 104,9 | 104,3 |
| Баары: | 100 | 100 | 100 | 100 |

чейин болгон колхоздор өрөөндүн бардык колхоздорунун 24 процентин, 0,30дон 2,30га чейинкилери 58,5 процент жана 2,32 сомдон жогоркулары 17,5 процентин түзгөн.

Кант кызылчасынын өзүнө турган наркы 1,60 сомго чейин болгон колхоздордун биринчи группасына, негизинен дыйканчылык маданияты жогору болгон чарбалар кирет. Алардын ичинде беш жылда (1966—1970-жылдар) кант кызылчасынын өзүнө турган наркы орточо эсеп менен 1,64 сомдон ашпаган Москва районундагы «Красный Октябрь» колхозу, Кант районундагы Фрунзе атындагы (1,65 сом), Калинин атындагы (1,79 сом) колхоздору, Москва районундагы «XXI партсъезд» (1,92 сом), Фрунзе атындагы (1,76 сом), «Новый путь» (1,66 сом), «Коминтерн» (1,77 сом) жана башка колхоздор бар. Мында эреже катарында кант кызылчасынын эң жогорку түшүмдүүлүгү, өндүрүштүн жогорку концентрациясы жана адистештирүүнүн жогорку деңгели байкалат. Бул группага негизинен кызылча өстүрүүгө багытталган ири колхоздор кирген.

Өзүнө турган наркы жогору турган (2,30 сомдон ашык) колхоздордун группасына негизинен мал чарбачылык-кызылчачылык багытындагы, өрөөндүн тоо этек-

теринде жайгашкан 10 колхоз кирет. Алардын арасында Кемин районундагы «Кичи-Кемин» (2,59 сом), «Заветы Ильича» (2,65 сом), «Комсомол» (2,48), Чүй районундагы «Бурана» (2,32 сом), Мичурин атындагы (2,37 сом), Сокулук районундагы «Дружба» (2,45 сом) колхоздору кирет. Бул группадагылардын маалыматтары чарбанын башка тармагынан көбүрөөк утуш ала турган бул чарбалар үчүн кант кызылчасын өстүрүү экономикалык жактан пайда бербестигин жана кант кызылчасын өстүрүүнү мындан ары концентрациялаштырууну бул өсүмдүк үчүн бардык ыңгайлуу шарттары болгон башка чарбаларга топтоштуруу керектигин айтып турат.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн, анын ичинде кант кызылчасынын да өзүнө турган наркы кызылчачылардын эмгек акысынын өскөндүгү жана кызылчанын түшүмүнүн азайышы менен эле жогорулабастан, ошону менен бирге, ар гектарга жумшалган бардык материалдык-акчалай чыгымдардын өсүшү менен да жогорулап турат.

5-таблица

**Москва районундагы колхоздордо бир гектар жерге кеткен чыгымдар менен андан түшкөн түшүм жана дыйканчылык продукцияларынын 1 центнеринин өзүнө турган наркы**

| Өсүмдүктөр | Жылдар | 1 гектарга кеткен чыгым (сом менен) | Түшүмдүүлүк 1 гектардан центнер менен | 1 центнердин өзүнө турган наркы (сом менен) |
|---|---|---|---|---|
| Дан (жүгөрүнү кошпогондо) | 1967 | 63,1 | 19,6 | 3,53 |
| | 1968 | 75,3 | 17,7 | 4,57 |
| | 1969 | 86,8 | 18,9 | 4,72 |
| | 1970 | 92,0 | 21,7 | 3,91 |
| Кант кызылчасы | 1967 | 381,4 | 370,0 | 1,72 |
| | 1968 | 548,9 | 282,2 | 1,93 |
| | 1969 | 610,6 | 319,2 | 1,87 |
| | 1970 | 617,1 | 322,8 | 1,89 |
| Силостук жүгөрү | 1967 | 74,2 | 238,0 | 0,30 |
| | 1968 | 152,0 | 289,0 | 0,66 |
| | 1969 | 140,0 | 47,0 | 0,60 |
| | 1970 | 160,0 | 257,0 | 0,59 |
| Көп жылдык чөптөр | 1967 | 97,7 | 47,0 | 1,58 |
| | 1968 | 112,0 | 51,5 | 1,57 |
| | 1969 | 101,0 | 49,8 | 1,55 |
| | 1970 | 108,0 | 47,2 | 1,57 |

Таблицадагы маалыматтар билдирип тургандай жүгөрүнү кошпогондо ар гектар дан үчүн чыгым 1967-жылдагы 63,1 сомдон 1970-жылы 92,0 сомго чейин жогорулаган, түшүмдүүлүк 2,1 центнерге көбөйгөн, ал эми 1 центнердин өзүнө турган наркы 38 тыйынга жогорулаган.

Кант кызылчасын өндүрүү үчүн бир гектар жерге алып эсептегенде чыгым 381,4 төң 617 ге чейин же болбосо 62%, ал эми түшүмдүүлүк 370,0дөн 322,8ге чейин төмөндөгөн, натыйжада 1 центнердин өзүнө турган наркы 1,72ден 1,89га же болбосо 10 процентке жогорулаган.

Чүй өрөөнүнүн башка райондорундагы дыйканчылык продукцияларынын өзүнө турган наркынын көрсөткүчтөрү да так эле ушу сыяктуу болуп эсептелет. Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өзүнө турган наркынын көрсөткүчтөрүн талдап көрүп биз Чүй өрөөнүндөгү колхоздордун уюштуруу-чарбачылык абалы жөнүндө, кирешени көбөйтүүнүн жана колхозчулардын материалдык деңгелин жогорулатуунун резервдери жөнүндө жетишерлик толук түшүнүк алдык. Бирок бул анализ үчүн өзүнө турган нарк кайсы элементтерден түзүлөрүн, ал элементтердин өз ара катышы кандай экендигин, башкача айтканда, өзүнө турган нарктын структурасын билүү керек.

Айыл чарба өсүмдүктөрүнүн өзүнө турган наркынын структурасынын эң чоң мааниси — чыгымдын арбын бөлүгү (жарымына чейинкиси, андан да ашыгы) эмгек акыга кетет. Бир канча бөлүгү урукка, жер семирткичке жана техниканы кармоо үчүн чыгымдалат. Жалпы тармактык, жалпы чарбалык жана башка чыгымдар андан кийинки зор салыштырма салмакты ээлейт.

Москва районундагы колхоздордогу негизги айыл чарба өсүмдүктөрүнүн 1970-жылкы өзүнө турган наркынын структурасына токтолобуз.

Продукцияны өндүрүүгө көп эмгек кетерин, анын натыйжасында эмгек акынын салыштырма салмагы өзүнө турган наркка караганда айрым өсүмдүктөр боюнча 60 проценттен ашып кетип жаткандыгын таблицанын көрсөткүчтөрү айгинелеп турат. Мунун башкы себеби, негизинен оор жумуштарды жеткиликтүү механизациялаштырбагандык. Кант кызылчасынын өзүнө турган наркында эмгек акыга болгон чыгымдын жогорку салыштырма салмагы көп жагынан кыртышка жер семирткичтерди берүү, туурасынан суюлтуу жана жыйноо

6-таблица

**Москва районундагы колхоздордун 1970-жылдагы талаачылык боюнча негизги продуктыларынын өзүнө турган наркынын структурасы** (процент менен)

| Өсүмдүктөр | Эмгек акы төлөөгө чыгымдар: бардыгы | Эмгек акы төлөөгө чыгымдар: анын ичинде түз-дөн түзү | Өндүрүштүк чыгымдар: урук | Өндүрүштүк чыгымдар: жер семирткич | Өндүрүштүк чыгымдар: трактордук парк | Өндүрүштүк чыгымдар: башка чыгымдар | Өндүрүштүк чыгымдар: жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдар | Бардык чыгымдар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Дан (жүгөрүнү кошпогондо) | 32,0 | 22,4 | 13,4 | 16,4 | 7,5 | 31,1 | 9,2 | 100 |
| Кант кызылчасы | 72,5 | 55,1 | 1,2 | 6,5 | 4,5 | 18,6 | 14,1 | 100 |
| Силостук жүгөрү | 34,1 | 26,1 | 5,2 | 15,5 | 8,4 | 34,0 | 10,8 | 100 |
| Көп жылдык чөптөр | 48,8 | 36,1 | 13,9 | 5,2 | 7,1 | 21,4 | 16,3 | 100 |
| Өсүмдүк өстүрүү боюнча | 52,1 | 38,6 | 6,7 | 10,4 | 6,2 | 23,3 | 14,8 | 100 |

жумуштары көп учурларда кол күчү менен бүткөрүлгөндүгү, чөптүн өзүнө турган наркынын кымбат болушу үймөктөө, жүктөө жана түшүрүү өңдүү оор жумуштар начар механизациялаштырылгандык менен түшүндүрүлөт.

Республиканын совхоздорунда өсүмдүк өстүрүүчүлүк боюнча продукциянын өзүнө турган наркынын эмгекке акы төлөө чыгымы бир канча төмөнкү салыштырма салмакты ээлей тургандыгын белгилей кетүү керек. Эгерде колхоздордо эмгек акы төлөө чыгымдары кант кызылчасы боюнча орточо эсеп менен 51,7 процентти түзгөн болсо, анда ал совхоздордо — 43,1 процентти түзгөн. Совхоздордо жумуш үчүн акынын бирдей деңгээлде төлөнүшү продукциянын бирдигин өндүрүүгө жумушчу убактысынын аз сарпталгандыгы, эмгек өндүрүмдүүлүгү

жана талаачылык продуктыларын өндүрүүнү механизациялаштыруу бир канча жогорку деңгелде болгондугу жөнүндө далил болуп турат.

Совхоздорго караганда колхоздордо дан тазалоо жана кургатуу, саман жыюу өңдүү жана башка жумуштар көп эсе начар механизациялаштырылган, бул болсо, албетте, продукциянын бирдигине алып эсептегенде эмгек акы үчүн чыгымды жогорулатат. Кант кызылчасын иштетүүдө колхоздор кол эмгегин көп жумшашат. Эгерде кант кызылчасынын 91 проценти колхоздордо өстүрүлгөндүгүн эске ала турган болсок, анда айрым колхоздордун өндүрүштүк сарптоолорунда эмгек акыга төлөнгөн чыгымдардын салыштырма салмагы али да болсо канчалык жогору экендигин көз алдыга элестетүү анчалык кыйын эмес.

Совхоздорго караганда колхоздук продукциянын техниканы эксплуатациялоого байланышкан бөлүгүндө өзүнө турган наркынын салыштырма салмагында чыгымдар бир канча аз болот.

Эгерде совхоздордо күйүүчү майларга жана майлоочу материалдарга, тракторлордун жана айыл чарба машиналарынын учурдагы ремонтуна, ошондой эле негизги фондулардын амортизациясына кеткен чыгымдар бардык чыгымдардын 23 процентин түзгөн болсо, колхоздордогу ушул өңдүү эле чыгымдардын салыштырма салмагы 17,1 процентти түзөт. Бул болсо механизациялаштыруу жумуштары колхоздордо совхоздордун деңгелине караганда бир канча артта калып жаткандыгы менен түшүндүрүлөт. Муну менен эле катар али да болсо көптөгөн колхоздор совхоздорго караганда эмгекти уюштуруу жана дисциплинасы боюнча төмөнкү деңгелде турушат, бул болсо, продукцияны өндүрүүгө кетүүчү жумушчу убактысынын сарпталышынан экономдоого жана эмгекке акы төлөөнүн чыгымдарын үнөмдөөгө эч жардам бербейт. Өзүнө турган нарктын деңгелиндеги олуттуу өзгөрүүлөрдүн аркасында кант кызылчасын өндүрүүдө элементтер боюнча чыгымдардын структурасы Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо беш жылдын ичинде чоң өзгөрүүлөрдү башынан өткөргөн.

9 жылдын (1962—1970-жылдар) ичиндеги жалпы эмгек чыгымдарынын ичинен эмгек акы үчүн чыгымдардын салыштырма салмагы 25,6 процентке, уруктун салыштырма салмагы 0,8 процентке төмөндөгөндүгү жогоруда-

**Чүй өрөөнүндөгү колхоздор боюнча орточо эсеп менен кант кызылчасын өндүрүүгө кеткен чыгымдардын структурасы**

| Жылдар | Бардык чыгымдар | Анын ичинде | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эмгек акы | урук | жер семирткич | амортизация | башка түздөн-түз чыгымдар | жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдар |
| 1962 | 100 | 71,3 | 3,3 | 6,1 | 12,6 | — | 6,7 |
| 1965 | 100 | 69,8 | 1,7 | 7,9 | 14,6 | — | 6,0 |
| 1966 | 100 | 56,5 | 1,4 | 6,7 | 9,0 | 12,1 | 14,3 |
| 1968 | 100 | 51,7 | 2,2 | 7,5 | 14,3 | 8,1 | 16,2 |
| 1970 | 100 | 45,7 | 2,5 | 8,2 | 13,6 | 14,6 | 15,4 |

гы маалыматтардан көрүнүп турат. Жер семирткичтерге болгон чыгымдар 6,1 проценттен 8,2 процентке чейин, жалпы өндүрүштүк жана жалпы чарбалык чыгымдар 6,7 проценттен 15,4 процентке чейин жогорулаган.

Продукциянын өзүнө турган наркынын структурасын анализдөөдө көңүлдүн борбору эмгек акы үчүн чыгымдар менен материалдык чыгымдардын өз ара катышына бурулушу керек. Структуранын эмгек акынын салыштырма салмагынын азайышын көздөй өзгөрүшү жана материалдык чыгымдардын үлүшүнүн жогорулашы оң натыйжалуу болуп саналат. Мунун өзү техникалык прогресстин өсүшүнүн, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн, эмгек акынын өсүш темпинин туура өз ара катышынын күбөсү болуп эсептелет. 1970-жылы Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо кант кызылчасын өндүрүүгө кеткен чыгымдардын абсолюттуу суммасы 32,1 миллион сомду түзгөн, же болбосо ал 1962-жылдагыга караганда 78 процентке көп болгон. Өндүрүштүк сарптоолордун мындай чукул жогорулашы негизинен, биринчиден, кызылчада иштеген колхозчуларга эмгек акыны 1962-жылдагы 12 880 миң сомдон 1970-жылы 18 157 миң сомго чейин, же болбосо 41 процентке ашык төлөөнүн эсебинен, экинчиден, ма-

териалдык-акчалай чыгымдардын эсебинен — ал болсо 1962-жылдагы 5162 миң сомдон 1970-жылы 9 миллион сомго чейин, же болбосо 175 процентке дейре өскөн. Ал эми түшүмдүүлүк болсо ошол эле учурдун өзүндө 7 процентке кыскарган.

8-таблица

**Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо 1 центнер кант кызылчасына жумшалган материалдык-акчалай жана эмгек чыгымдары**
(динамикада)

| Көрсөткүчтөр | 1962 | 1966 | 1968 | 1970 | 1970-жылы % менен төмөнкү жылдарга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1962 | 1966 |
| Эмгек чыгымдары, адам-күндөрү | 0,27 | 0,16 | 0,18 | 0,18 | 64,3 | 112,0 |
| Эмгек акы (сом менен) | 0,99 | 1,05 | 1,06 | 0,93 | 94,0 | 88,5 |
| Материалдык-акчалай чыгымдар (сом менен) | 0,39 | 0,81 | 0,97 | 1,10 | 23,0 | 136 |
| Бардыгы | 1,38 | 1,86 | 2,03 | 2,03 | 147,0 | 109,0 |

Бир центнер кант кызылчасына алып эсептегенде эмгек чыгымдары 1970-жылы 1962-жылга салыштырганда 35,7 процентке кыскартылган. Эмгек чыгымдарын абдан төмөндөтүүдөн улам эмгекке акы төлөө 6 процентке төмөндөдү. Мына ушул эле мезгилдин ичинде негизинен минералдык жер семирткичтерге чыгымдардын, механизациялаштырылган жумуштарды кеңейтүүнүн жана башкалардын эсебинен материалдык-акчалай чыгымдардын да өскөндүгү байкалат. Бул мезгил түшүмдүүлүктүн өсүшү менен катар, бир эле учурда эмгек чыгымдарынын, эмгек акылар менен продукциянын бирдигине материалдык-акчалай чыгымдардын келип чыгышы менен да мүнөздөлөт.

Таблицадан көрүнүп тургандай, өндүрүштүк сарптоолор түшүмдүүлүк менен салыштырганда тез өскөн, анын натыйжасында продукциянын бирдиги үчүн жумшалган

9-таблица

| Мазмуну | 1962 | | 1966 | | 1968 | | 1970 | | 1970-жылы % менен төмөнкү жылдарга карата | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | чыгымдар | салыштырма салмак процент | чыгымдар | салыштырма салмак процент | чыгымдар | салыштырма салмак процент | чыгымдар | салыштырма салмак процент | 1962 | 1966 |
| Эмгек чыгымдары, адам-күнү | 99,6 | — | 62,0 | — | 54,1 | — | 57,8 | — | 58,0 | 93,2 |
| Эмгек акы (сом менен) | 366,5 | 71,2 | 406,8 | 56,5 | 313,9 | 52,0 | 300,6 | 45,8 | 82,0 | 74,0 |
| Материалдык-акчалай чыгымдар (сом менен) | 147,5 | 28,8 | 313,2 | 43,5 | 293,4 | 48,0 | 356,6 | 54,2 | 241 | 115,0 |
| Бардыгы | 514,0 | 100 | 720,0 | 100 | 607,3 | 100 | 657,2 | 100 | 128,0 | 91,5 |

эмгек жана материалдык-акчалай чыгымдарда бир далай өзгөрүүлөр болуп өткөн.

Бир центнер кант кызылчасын өндүрүү үчүн эмгек чыгымдары 1970-жылы 1962-жыл менен салыштырганда 42 процентке, эмгекке акы төлөө 18 процентке кыскарган, ал эми материалдык-акчалай чыгымдар 141 процентке өскөн жана анын аркасында кант кызылчасынын өзүнө турган наркы 9 процентке жогорулаган. Демек, кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын жогорулашынын негизги себеби болуп кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын структурасындагы материалдык чыгымдардын абсолюттуу жана салыштырмалуу көбөйүшү саналат.

Бул мезгилдин ичинде кызылчачылыкта эмгек өндүрүмдүүлүгү өскөн. Акы төлөө менен эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн ортосундагы мындай айрым бир төп келбестиктер 1965-жылга чейин Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо кант кызылчасын өндүрүүнү көбөйтүү менен эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга карата материалдык кызыктырууларды камсыз кыла албагандыктан улам келип чыккан. Ошондуктан кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү бир эле деңгелде кала берген же ал эле түгүл төмөндөп кеткен. Сатып алуу баасын (1963—1966-жылдар) жогорулатуу жана пландан ашык сатылганы үчүн үстөк кошуп төлөөнү киргизүү (1972-жыл) гана кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатууга жана дүң жыйымын көбөйтүүгө колхозчулардын материалдык кызыгууларын арттыруунун эффективдүү куралы болоорун, турмуш ырастап отурат.

Кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын мындан ары да төмөндөшү түшүмдүүлүктүн өсүшү жана материалдык-эмгектик чыгымдарды төмөндөтүү үчүн ички резервдерди табууну талап кылат, анткени, баанын өзгөрбөгөн деңгелинде продукциянын өзүнө турган наркы канчалык төмөн болсо, чарба накта кирешени ошончо көп алат жана кызылча өстүрүүчүлүктүн рентабелдүүлүгү да ошончо жогору болот.

№ 8 таблицадан көрүнүп тургандай продукциянын бирдигин өндүрүүгө жумшалган адам күчүнө кеткен чыгымдардын салыштырма салмагы 1962-жылдан 1970-жылга чейин абсолюттук да жана салыштырма да түшүнүктөрдө бир канча кыскартылган, ал эми материалдык чыгымдардын үлүшү өскөн. Айталы, эгер 1962-жы-

лы бир центнер продукцияны өндүрүүгө 0,27 адам-күнү чыгымдалган болсо, ал 1970-жылы 0,18 адам-күнүнө чейин кыскарган, же болбосо 33,7 процентке азайган, ал эми жыйынды чыгымдардагы материалдык чыгымдын салыштырма салмагы 28,8 проценттен 54,2 процентке чейин өскөн. Ошентип, материалдык чыгымдардын үлүшүнүн 2,8 эсеге салыштырмалуу жогорулашы эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн 33,7 процентке жогорулашына алып келген.

Бул маалыматтар жыйынды чыгымдардын жалпы көлөмүндөгү материалдык чыгымдардын салыштырма салмагынын өсүшү менен эмгектин өндүрүмдүүлүгү өсөт жана продукциянын өзүнө турган наркы төмөндөйт деп жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет.

Эмгек процесстерин механизациялаштыруунун даражаларынын көбөйүшүнө жараша адам күчтөрүнүн чыгымдары азаят, ал эми материалдык чыгымдардын үлүшү жогорулайт, бирок мында продукциянын бирдигин өндүрүүгө кеткен коомдук эмгектин чыгымынын жалпы азаюусуна жетишилет. Келтирилген маалыматтардан кант кызылчасын өндүрүүдөгү чыгымдардын структурасында эмгекке акы төлөөнүн чыгымдары эң чоң салыштырма салмакты ээлей тургандыгы көрүнүп турат. Ошондуктан чыгымдарды үнөмдөөнүн мааниси өзгөчө зор. Эмгек чыгымдары чынында эле продукциянын өзүнө турган наркынын структурасында барып турган тез өсүүчү элемент болуп саналат.

Комплекстүү механизацияны өндүрүшкө киргизүүнүн натыйжасында продукциянын өзүнө турган наркын төмөндөтүүгө жетишиле турган материалдык чыгымдардын ролун далилдөө үчүн Кант районундагы алдыңкы колхоздор менен механизациялаштырылган звенолордун өндүрүштүк чыгымдарынын структураларын орточо көрсөткүчтөрү бар колхоздор менен салыштырабыз.

Таблицанын көрсөткүчтөрү эмгекти көп талап кылуучу өсүмдүктөрдүн бардык өндүрүштүк процесстерин комплекстүү механизацияны пайдалануу менен илимге негизделген технология боюнча иштетүү бул материалдык чыгымдар менен байланышкан чыгымдын салыштырма салмагын кескин түрдө жогорулатууну талап кыларын ачык-айкын көрсөтүп турат.

Айталы, эгер Кант районундагы кант кызылчасын айдаган колхоздордо машина-трактордук паркты

10-таблица

**1970-жылдагы 1 центнер кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын структурасынын салыштырма маалыматтары**

| Чыгымдардын статьялары | Кант районундагы колхоздордо орточо эсеп менен | | Кыргызстан машина-сыноо станциясында А. М. Стрижконун звеносу | |
|---|---|---|---|---|
| | 1 цент. кеткен чыгым сом менен | жыйынтыкка карата процент менен | 1 цент. кеткен чыгым сом менен | жыйынтыкка карата процент менен |
| Бардык түздөн-түз чыгымдар | 1,67 | 100 | 0,77 | 100 |
| Анын ичинде эмгек акы | 0,94 | 56,5 | 0,20 | 25,6 |
| Амортизация, ремонт жана күйүүчү-майлоочу материалдар | 0,33 | 19,8 | 0,28 | 36,1 |
| Урук | 0,05 | 3,0 | 0,01 | 1,9 |
| Жер семирткич жана уу химикаттар | 0,15 | 8,7 | 0,08 | 10,9 |
| Башка түздөн-түз чыгымдар | 0,20 | 11,9 | 0,20 | 25,4 |

эксплуатациялоо менен байланышкан чыгымдын үлүшү 19,8 процентти түзсө, анда ал алдыңкы чарба болгон Кыргызстан машина-сыноо станциясында — 27,2 процентти, ал эми А. М. Стрижконун звеносу боюнча — 36,1 процентти түзгөн. Демек, кант кызылчасын иштетүүнү жана жыйноону комплекстүү механизациялаштыруу жеке эле жер аянтынын бирдигинен продукция өндүрүп алууну көбөйтүү жөнүндөгү көз караштан алып караганда гана эмес, ошондой эле продукциянын жана иштетилүүчү аянттын бирдигине кетүүчү эмгек акы чыгымдары менен материалдык каражаттарды үнөмдөө жагынан алып караганда да экономикалык жактан эффективдүү.

Кант кызылчасын иштетүү үчүн станция жыл сайын 680—690 сом жумшайт. Бул чыгымдардын бештен бир бөлүгүнөн көбүрөөгүн автотранспорттук парктын чыгымдары түзөт.

Өндүрүштүн эң жогорку маданияты чарбаны эң мыкты көрсөткүчтөр менен жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Станция өстүрүп жаткан кант кызылчасынын түшүмү

район боюнча орточо болжол менен бир жарым эсе жогору, станция кант кызылчасынын ар гектарынан 550—570 центнерден түшүм алат. Анын 1 центнерин өндүрүү үчүн 0,10дон ашпаган адам-күнү жумшалат жана 1,60 сомдон ашпаган чыгым кетет. Кызылчачылыктын рентабелдүүлүгү мында эң жогору — 60 процент.

Кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын деңгели бир гектар жерге кеткен чыгымдардын өлчөмүнө жана түшүмүнө байланыштуу болот. Ошондуктан продукциянын өзүнө турган наркы түшүмдүүлүктүн өсүү темпи бир гектар жерге кеткен чыгымдын өсүү темпинен ашып түшкөндө гана жана түшүмдүүлүктүн бир калыптагы өзгөрбөс деңгелинде 1 гектар жерден өндүрүү чыгымдары кыскарган шарттарда гана төмөндөй алат.

11-таблица

**Чүй өрөөнүндөгү бир колхоздогу 1970-жылда кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын деңгелинин чыгымдардын жана түшүмдүүлүктүн өлчөмүнө көз карандылыгы**

| Көрсөткүчтөр | Бир центнердин өзүнө турган наркынын деңгели боюнча колхоздордун группасы | | | Чүй өрөөнү боюнча орточо |
|---|---|---|---|---|
| | 0,90 сомго чейин | 0,90дон 2,30га чейин | 2,30дан жогору | |
| Группадагы колхоздордун саны | 14 | 34 | 10 | 58 |
| Кызылчанын бир гектар аянтына кеткен чыгымдар (сом менен) | 630 | 667 | 620 | 650 |
| Анын ичинде эмгек акыга | 412 | 442 | 300 | 426 |
| Орточо түшүмдүүлүк (га/ц) | 336,3 | 313,3 | 263,3 | 312 |
| Бир центнер кызылчанын орточо өзүнө турган наркы (сом менен) | 1,87 | 2,12 | 2,37 | 2,03 |
| Бир центнер продукцияны өндүрүүгө адам-күнүнүн кетиши | 0,23 | 0,28 | 0,33 | 0,26 |

Таблицадан көрүнүп тургандай III группадагы колхоздордо өндүрүштүк чыгымдар 1,5 процентке, анын ичинде эмгек акы 8,5 процентке көп болуп чыкты, ал эми кызылчанын түшүмүн I группадагы колхоздорго караганда 27,6 процентке кем алышкан. Натыйжада, мында бир центнер кант кызылчасы I группадагыга караганда 50 тыйынга кымбатка түшкөн.

III группадагы колхоздордогу 1 гектар жерге кеткен мындай ашыкча чыгымдын негизги себеби — материалдык каражаттардын ашыкча чыгымдалышынын эсебинен болгон — мында 7,3 процент материалдык каражат, ал эми эмгек акыга I группадагы колхоздорго караганда 11,3 процент кем жумшашкан. Демек, кант кызылчасынын өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн эң башкы резервдеринин бири болуп материалдык каражаттарды билгичтик менен пайдалануу жана эмгек өндүрүмдүүлүгүн ар кандай чаралар менен жогорулатуу саналат.

## КАНТ КЫЗЫЛЧАСЫНЫН ӨЗҮНӨ ТУРГАН НАРКЫН ТӨМӨНДӨТҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

### Түшүмдүүлүктү жогорулатуу — кант кызылчасын өндүрүүнүн өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн башкы багыты.

Кант кызылчасынын өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн жана дүң жыйымын жогорулатуунун эң башкы факторлорунун бири—бул түшүмдүүлүктү жогорулатуу. Азыркы учурда Чүй өрөөнүндөгү көпчүлүк колхоздор бир кыйла жогорку түшүмдөрдү алып жатышат жана продукциянын бирдигине эмгек жана материалдык-акчалай чыгымдарды алда канча аз чыгымдап жатышат.

Мисалы, 1971-жылы Сокулук районундагы колхоздордо кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү гектарына 374,0 центнерди түзгөн, «Красная заря», XXI партсъезд атындагы колхоздордо, «Жаңы-Жер» совхозунда жана кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба станциясында гектарына 400 центнерден, ал эми «Жаңы-Пахта» совхозунда 480 центнерден, Кант районундагы «Труд» колхозунда — 472, Кыргызстан машина-сыноо станциясында — 522 центнерден айланган. Айрым бир звенолор андан да жогорку түшүмдү алышкан. Мисалы, кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекциялык станциясынан Социалисттик Эмгектин Баатыры П. Я. Чмырдын бригадасы ар гектардан 556 центнерден, «Жаңы-Пахта» совхозунан А. Горбунов менен В. Иванченконун звенолору 517 жана 571 центнерден кызылча жыйнап алышкан жана башкалар.

Бул маалыматтар Чүй өрөөнүндөгү чарбаларда кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана дүң жыйымын көбөйтүү үчүн али да ири резервдердин бар экендигин далилдеп турат. Түшүмдүүлүктүн жогорулашы кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын төмөндөшүнө жана кирешелүүлүгүнүн жогорулашына ар дайым көмөк көрсөтө тургандыгы практикада эчак эле далилденген. Мунун өзү Чүй өрөөнүндөгү колхоздордун түшүмдүүлүк боюнча группасынын маалыматтарынан көрүнүп турат (№ 12-таблица).

12-таблица

| Түшүмдүүлүк боюнча колхоздордун группасы га/ц | Группадагы колхоздордун саны | Орточо түшүмдүүлүк | Орточо өзүнө турган нарк (1 центнери сом менен) | Өндүрүштүк сарптоолор (1 гектарга сом менен) | Эмгек чыгымдары адам-күнү | | 1 гектар кант кызылчасынан түшкөн накта киреше (сом менен) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | 1 гектарга | 1 центнерге | |
| I. 270ке чейин | 12 | 245 | 3,34 | 574 | 59,0 | 0,24 | 70 |
| II. 271ден 320га чейин | 15 | 294 | 2,08 | 620 | 58,0 | 0,19 | 166 |
| III. 321ден 370ке чейин | 21 | 320 | 2,09 | 668 | 56,0 | 0,17 | 191 |
| IV. 370тен жогору | 10 | 390 | 1,94 | 756 | 59,0 | 0,15 | 76,0 |
| Группалар боюнча орточо | 58 | 314 | 2,03 | 638 | 58,0 | 0,18 | 146 |

Таблицадан көрүнүп тургандай кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу жана өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн резервдери Чүй өрөөнүнүн колхоздорунда абдан көп. Мында биринчи жана төртүнчү группадагы колхоздордо түшүмдүүлүктөгү айырма —1,59 эсе. 22 чарба кирген биринчи жана экинчи группаларда түшүмдүүлүк өрөөндүн орточо түшүмдүүлүгүнөн артта жана кант кызылчасынын өзүнө турган наркы жогору бойдон калып отурат. Түшүмдү бир топ жогору алган колхоздордун төртүнчү группасында кант кызылчасынын өзүнө турган наркы өрөөндүн орточо түшүмдүүлүгүнөн төмөн жана алар биринчи, экинчи жана үчүнчү группаларга кирген колхоздорго салыштырганда накталай кирешени арбын алышат.

Колхоздордун аз түшүм алган группадан арбын түшүм алган группага өтүшү менен чыгымдардын бардык элементтери, өзгөчө материалдык-акчалай чыгымдар төмөндөйт. Анткени жогорку түшүм алыш үчүн урукка, себүү алдындагы жумушка жана кайра жыйып алуу маалында жана башкаларга кошумча чыгымдар талап кылынбайт. Түшүмдүүлүктүн өсүшү менен жана ага байланыштуу эле өндүрүп чыгаруу көлөмүнүн өсүшү менен чыгымдардын көп элементтери абсолюттук туюнтмаларында жогорулайт, ал эми продукциянын бирдигине алып эсептегенде — төмөндөйт.

Биринчи группага салыштырганда колхоздордун төртүнчү группасында 1 гектар кант кызылчасына кеткен чыгым 32 процентке көп, ал эми продукциянын бирдигине кеткен бул чыгым 17 процентке аз болуп эсептелет.

Мына ошентип, Чүй өрөөнүндөгү колхоздор кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуу анын өзүнө турган наркын төмөндөтүү, өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу, накта киреше алууну көбөйтүү менен коштолот.

Жогорудагы таблицада көрүнүп тургандай, түшүмдүүлүк менен өзүнө турган нарктын ортосунда бекем көз карандылык сакталбайт. Биринчи жана үчүнчү группадагы колхоздордун ортосунда түшүмдүүлүктөгү айырмачылык 1, 18 эсеге чейинкини, өзүнө турган наркта 17 процентти түзөт. Мунун себеби, айрым чарбаларда кант кызылчасынын жогорку түшүмдүүлүгүнүн артында эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндүгү жана өндүрүштүк кармоолордун жогорулугу болуп эсептелет. Бир катар чарбаларда кант кызылчасынын орточо жана ал эле түгүл ортодон төмөнкү түшүмдүүлүгүндө эмгек өндүрүмдүүлүгү бир канча жогору, ал эми өндүрүштүк кармоолор болсо жогору түшүмдүү чарбаларга салыштырганда төмөн болуп калат. Бул болсо өндүрүштүк процесстерде механизация кеңири өлчөмдө пайдаланылган жана үнөмдөө режимдерине жетишилген чарбаларда болуп өтөт.

Бул өрөөндөгү төмөнкү түшүм алган чарбаларда гана эмес, жогорку түшүм алган чарбаларда да кант кызылчасынын өзүнө турган наркын төмөндөтүү үчүн мүмкүндүктөр бар экендигин далилдеп турат.

Бирок кийинки жылдардын ичинде колхоздор менен совхоздор кант кызылчасынын тшүмдүүлүгүн жогорулатуунун ордуна, тескерисинче, сезилерлик түрдө төмөндө-

түп жибериштн. Эгер 1966-жылы 350 центнерден жана андан жогору түшүм алган 45, ал эми 400 центнерден алган 19 чарба болсо, 1971-жылы 350 центнерден алган 21, ал эми 400 центнерден алган 7 гана чарба болгон.

Москва жана Калинин райондорунун чарбаларында түшүмдүүлүктүн бир топ төмөндөп кетишине жол берилген. 1966-жылдан 1971-жылга чейинки аралыктын ичинде Москва районунда кызылчанын түшүмү 372 центнерден 318 центнерге чейин, же болбосо 54 центнерге, Калинин районунда 355 центнерден 302 центнерге чейин төмөндөгөн. Кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү кызылчаны иштетүүнүн төмөнкү маданияттуулугу, агротехниканын бузулушу, жумуштардын мөөнөтүнөн узарып кетиши, мурдакы эле жылы кызылча айдалган аянттарга кайрадан кызылча айдоо өңдүү негизги себептер менен түшүндүрүлөт.

Сугат аянттарын көп жылдар бою системасы жок эле кант кызылчасын эгүүгө пайдалана берүү кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөп кетишине көп даражада таасирин тийгизбей койгон эмес. 1971-жылы Чүй өрөөнүндө кызылча аянтынын 45 проценти мурдакы жылы эле кызылча айдалган аянтка айдалган. Москва районунда кызылчанын 42,3 проценти мурда эки жылы катары менен кызылча айдалган аянттарга жана 34,5 проценти үч жана андан көп жылдар катары менен кызылча айдалган аянттарга эгилген. Калинин районунда болсо кант кызылчасынын аянтынын 67 проценти мурда кызылча айдалган жерлерге эгилген, андан дагы 46,2 проценти үч жана андан көп жылдар катары менен бир эле жерге айдала берген.

Азыркы учурда өрөөндөгү чарбаларда кызылчаны которуштуруп эгүү эң жай өздөштүрүлүп жатат. Калинин районунда өндүрүшкө киргизилген 48 которуштуруп эгүүнүн ордуна 6сы гана, Москва районунда 49дун ордуна 8и гана өздөштүрүлгөн. Бул райондо кант кызылчасын эккен 10 чарбадан төртөөндө бир дагы которуштуруп эгүүлөр өздөштүрүлбөгөн.

Которуштуруп эгүүнү өздөштүрбөө жана кызылчаны алмаштырuусуз иштете берүү кызылча аянттарынын зыянкечтерге жана ооруларга массалык түрдө чалдыгуусун пайда кылды. Кант кызылчасындагы сары чырмооктун зыянынан гана республика жылына 100 миң тоннага чейинки түшүмдү кем ала тургандыгы эсептелген. Чүй

өрөөнүндөгү чарбалар тарабынан которуштуруп эгүүнү жай өздөштүрүүнүн эң башкы себептеринин бири айыл чарба продукцияларын сатып алуу боюнча пландык тапшырмаларды мелиоративдик-жарактуу жерлерди эсепке албастан жүргүзгөндүк болуп саналат. Ал болсо чарбаларды көп жылдык чөп аянттарынын эсебинен кант кызылчасынын аянтын кеңейтүүгө аргасыз кылат. Чүй өрөөнүнүн чарбаларындагы 162,8 миң гектар айдоо аянтынан кызылчаны которуштуруп эгүүгө 33,1 миң гектары кошулган же болбосо 20 проценти бул өсүмдүктү өстүрүү үчүн мелиоративдик жактан даярдалбаган жер болуп эсептелет.

Долбоорлоо институттары мелиоративдик, пландоочу жана эрозияга каршы жумуштарды долбоорлоо-сметалык документтер менен өз убагында камсыз кылбагандыгы көп учурайт. Тигил же бул суроолор боюнча илимий рекомендациянын жок болушунан улам долбоорлор начар сапатта түзүлөт. Иштин көлөмү чоң болсо да, мамлекеттин жана чарбанын капиталдык салымдары бул ишке аз өлчөмдө гана багытталат. Подряддык уюмдарга жана чарбаларга курулуш материалдары, техника, өзгөчө жер казуучу машиналар жетишпейт.

Которуштуруп эгүү рационалдуу жүргүзүлгөн чарбаларда бардык өсүмдүктөр талапка ылайык жайгаштырылат да түшүмдүүлүк жогорулайт.

Кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекциялык станцияда которуштуруп эгүү айдоолору өздөштүрүлгөн жана өсүмдүктөрдү кезектештирип эгүү так сакталат. 9 талаалуу которуштуруп эгүүнү өздөштүрүүнүн аркасында бардык өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгү бир канча жогорулады, кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү 1963—1970-жылдардын ичинде гектарына 546 центнерден, дан жана кылкандуу дан эгиндериники —28, дандык жүгөрүнүкү —59, көп жылдык чөптөрдүкү —93 центнерден айланды.

Өндүрүлгөн продукциянын бирдигинин өзүнө турган наркы бир канча төмөндөгөн.

Ал эми ошол эле учурда анын коңшусу «Дружба» колхозунда которуштуруп эгүү эрежеси али өздөштүрүлбөгөн, өсүмдүктөрдү алмак-салмак эгүү сакталбай бузулуп турат, натыйжада кант кызылчасынын түшүмү гектарына 324 центнерден, дан өсүмдүктөрүнүкү 18,5 центнерден, көп жылдык чөптөрдүкү 48 центнерден айлан-

ган. Ильич атындагы колхоздун территориясында жайгашкан мамлекеттик сорт участкасы 8 талаалуу которуштуруп айдоону өздөштүрүү менен 1962—1967-жылдарда кант кызылчасынын ар гектарынан орточо эсеп менен 271 центнерден, дандык жүгөрүдөн —50,3, көп жылдык чөптөн —69,5 центнерден түшүмдү ашык алган, бул ошол кохоздордун бардык эгүү аянттарындагыга караганда көп.

Өндүрүшкө кабыл алынган которуштуруп айдоолорду тезирээк өздөштүрүү үчүн республикада бир катар уюштуруу жана экономикалык чарбаларды жүргүзүүнүн зарылдыктары келип чыгып олтурат.

Которуштуруп айдоолорду кошумча капиталдык салымдарсыз эле өздөштүрүүгө мүмкүн болгон жана техникалык өмүмдүктөрдүн жыштыгы менен байланышпаган чарбаларда өздөштүрүүнүн пландарын түзүү жана алардын өздөштүрүлүшү үчүн катуу көз салуу керек. Которуштуруп айдоону өздөштүрүү негизинен техникалык өсүмдүктөрдүн жыштыгына байланыштуу кармалып жаткан чарбаларга, райондорго көмөк көрсөтүү үчүн республиканын пландоо органдары кайра бөлүштүрүү жолу менен техникалык өсүмдүктөргө жыш болгон чарбалардан, райондордон ал өсүмдүктөрдү сатуу планын азайтуу менен андай техникалык өсүмдүктөрдү өстүрүү үчүн жер шарттары тигилердикине салыштырганда ирригациялык-мелиоративдик жактары боюнча бир топ ылайык келген чарбаларга, райондорго убактысынча бөлүштүрө турушса максатка ылайыктуу болор эле. Мунун өзү бир жагынан ошол чарбаларда которуштуруп айдоону тез өздөштүрүү үчүн объективдүү шарттарды түзөт.

Чүй өрөөнүндөгү колхоздор менен совхоздор тарабынан которуштуруп айдоонун жайчылык менен өздөштүрүлүп жатышынын себептеринин бири көп убактарда чарбалардын башкы адистерине дыйканчылыктын илимий-негизделген эрежелерин сактоодо карама-каршылыксыздыктын жана туруктуулуктун жетишпегендиги. Көпчүлүк чарбалар көп жылдык чөптөрдүн уругуна жетиштүү көңүл бурушпайт. Алар көп жылдык чөптөрдү которуштуруп айдоодо каралгандай үч жыл гана пайдалана турган чөптөрдү төрт жана андан көп жылдарга калтырып пайдаланышат, бул болсо өсүмдүктөрдү алмаштырып эгүүнү татаалдаштырат. Көпчүлүк чарбаларда агротехникалык жумуштардын деңгели али төмөн,

которуштуруп айдоочу талааларда өсүмдүктөрдү туура эмес кезектештирүүгө, белгиленген которуштуруп айдоого өтүүнүн планын бузууларга жол берилет.

Талаанын тарыхы жөнүндө атайы китептер жүргүзүлбөйт, ошондуктан талаалардын чөп-чар менен булгануулары, илдеттер, мурдагы жылдарда колдонулган агротехникалык ыкмалар эч маалыматсыз кала берет. Натыйжада ар бир талаага анын түшүмдүүлүгү, отоо чөптөр баскандыгы тууралуу толук сапаттуу баа берилбейт жана ага эгилген кайсы гана өсүмдүк болбосун анын агротехникасына туура жол табууга мүмкүндүк болбойт.

Мына ушул маселелердин бардыгын комплекстүү чечкенде гана которуштуруп айдосну ишке күргүзүүнү тезирээк, өздөштүрүүгө жана дыйканчылыктын маданиятын, аны менен эле бирге жалпы айыл чарба өндүрүшүнүн эффективдүүлүгүн чукулунан көтөрүүгө болот.

Кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекциялык станциясында азыркы убакта которуштуруп айдоонун эки түрү: селекциялык жана урук өстүрүүчүлүк түрлөрү бар. Бул которуштуруп айдоо аянттарында өндүрүштүк гана өсүмдүктөр эмес, ошондой эле илимий тажрыйбалар боюнча өсүмдүктөр да бар. Алар урук өстүрүү боюнча которуштуруп айдалган 9 аянттан, селекциялык —8 аянттан турат. Тогуз талаалуу которуштурулган аянттагы негизги өсүмдүктөн —кант кызылчасы — 33,3 процентин, беде — 22,2, жүгөрү — 22,2 жана дан өсүмдүктөрү — 11,1 процентин ээлейт.

Кант кызылчасын үзгүлтүксүз бир жерге эге берүүдөн анын тамырынын түшүмдүүлүгү жана кант жыйнашы кескин түрдө төмөндөөрү тажрыйбада далилденген. (13-таблица).

Кант кызылчасын бир эле участкада үзгүлтүксүз түрдө төрт жылы катары менен өстүрүүдөн түшүмдүүлүк жалпысынан гектарына 329,7 центнерге жана кант жыйнашы гектарынан 48,8 центнерге төмөндөгөн, же болбосо ар жылы гектарына 82 центнер түшүм, же ар гектарынан 12,2 центнерден кант кем топтолгон.

Тажрыйбалык мына бул маалыматтардын бардыгы кант кызылчасын ар жыл сайын толук нормада минералдык жер семирткичтер менен, ал эми төртүнчү жылда 30 тонна кык менен азыктандырылган шарттарда алынган. Мындан көрүнүп тургандай кык менен азыктандыр-

13-таблица

**Үзгүлтүксүз эге берүүнүн узактыгына жараша кант кызылчасынын көрсөткүчтөрү**[1]

| Узактыгы | Тамырдын түшүмү га/ц | Түшүмдүн төмөндөшү га/ц | Кант-туулугу % | Кант топтоосу га/ц | Канттын төмөндөшү га/ц |
|---|---|---|---|---|---|
| Биринчи жыл | 560,9 | — | 15—66 | 87,4 | — |
| Экинчи жыл | 518,8 | 45,2 | 16,02 | 82,2 | 5,2 |
| Үчүнчү жыл | 445,6 | 115,3 | 16,02 | 71,5 | 15,9 |
| Төртүнчү жыл | 461,3 | 99,6 | 15,1 | 69,3 | 18,1 |
| Бешинчи жыл | 491,0 | 69,7 | 15,92 | 77,8 | 9,6 |

гандан кийин кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүнүн төмөндөшү азайган, бирок ошентсе да кант кызылчасын мурдагы чөп аянттарына которуштуруп айдаганга караганда түшүм гектарына 70—100 центнерге төмөн болгон.

Бирок жалаң гана беде айдалган аянт менен кезектештирип туруу каалаган эффектини камсыз кылат деп жыйынтык чыгарууга болбойт. Которуштуруп айдоонун таасири кыртышты иштетүү жана айыл чарба өсүмдүктөрүн азыктандыруу боюнча тийиштүү системалар алардын схемаларында ылайык колдонулган учурда гана толук даражада даана көрүнөт.

Азыктандыруу кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатуунун эң бир эффективдүү каражаттарынын бири болуп эсептелет. Жер семирткичтерди колдонуунун эсебинен алынган кошумча түшүмдү реализациялоодон түшкөн киреше жер семирткичтерди колдонууга байланышкан чыгымдардан 3—4 эсе ашып кетет.

Кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекциялык станциясынын тажрыйбасы шалбаалуу — боз күл топурактуу жерлердин бир гектарын 2—3 центнер аммиак селитрасы, 10—11 центнер суперфосфат жана

[1] Д. А. Акималиев. Химиялаштыруу плюс жогорку агротехника. Фрунзе, 1964, 13-бет.

1 центнер хлордуу кальций менен азыктандырганда кант кызылчасынын тамырына кошулган түшүм 135, ал эми арыктаган жерлерде ар гектарынан 235 центнерди түзгөн. Бир гектар жерге жер семирткичсиз эле 30 тонна кык чачылган кезде бир гектар жердеги кант кызылчасынын тамырына кошулган түшүм 76 центнерди жана кант жыйноосу гектарына 12,1 центнерди түзгөн. Ал эми ошол эле 30 тонна кыкты жер семирткичтер менен кошуп чачкан кезде ар гектарга кошулган түшүм 231 центнерден, кант жыйноосу гектарына 21 центнерден айланган.

Кант кызылчасын минералдык жер семирткичтер менен азыктандыруунун жогорку эффективдүүлүгү өрөөндөгү алдыңкы чарбалардын тажрыйбалары аркылуу ачык көрсөтүлөт. (14-таблица).

14-таблица

**1962-жылда Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо кант кызылчасына берилген семирткичтердин эффективдүүлүгү[1]**

| Көрсөткүчтөрү | I | II | III |
|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| Кант кызылчасынын бир гектар аянтына кеткен семирткичтин наркы (группасы боюнча орточо, сом менен) | 15,5 | 24,1 | 35,2 |
| I группага карата ошондой эле % менен | 100 | 155,1 | 227,1 |
| 1 гектар аянтка кеткен чыгымдар (I группага карата % менен) | 100 | 124,6 | 131,4 |
| 1 гектар аянтка кеткен эмгек акы чыгымдары (I группага карата % менен) | 100 | 108,0 | 102,7 |
| Кант кызылчасынын 1 гектарынан алынган түшүм центнер менен | 319 | 353 | 411 |
| I группага карата ошондой эле % менен | 100 | 111,0 | 129 |
| 1 центнер продукцияга киши-күнүнүн чыгымдалышы (I группага карата % менен) | 100 | 95,9 | 79,2 |
| Акча каражаттарынын чыгымдалышы (I группага карата % менен) | 100 | 80 | 70,8 |

[1] М. Балбаков. «Кыргызстандын кызылча өстүрүүчүлүгүндөгү эмгек өндүрүмдүүлүгү.» Фрунзе, 1969, 36-бет.

III группадагы колхоздор кант кызылчасынын I гектар аянтына алып эсептегенде I группадагы колхоздорго караганда органикалык жана минералдык семирткичтерди бир канча көп беришкен, эмгек жана акча каражаттарын көп кетиришкен жана анын натыйжасында түшүмдүүлүк да жогору, I центнер продукцияны өндүрүүгө кеткен чыгым болсо бир топ төмөн. Түшүм гектарына 411 центнерден айланган, 1 центнер кызылча өндүрүүгө кеткен эмгек чыгымы —0,19 киши күнүн, I центнер продукциянын өзүнө турган наркы —0,90 сомду, ал эми I группадагы колхоздордо семирткичтердин наркы 20 сомдон ашык сумманы, I центнер продукциянын өзүнө турган наркы 15,5 сомду, түшүм гектарына 319 центнерден, I центнер кызылча өндүрүүгө кеткен эмгек чыгымы 0,24 киши-күнүн жана I центнер продукциянын өзүнө турган наркы —0,99 сомду түзгөндүгү жогорудагы таблицадан көрүнүп турат.

Мына ошентип бир гектар аянтка алып эсептегенде органикалык жана минералдык семирткичтерди арбын колдонуу жогорку экономикалык эффективдүүлүгүн көрсөттү — өндүрүлгөн продукциянын бирдигине кетүүчү материалдык жана эмгек чыгымдарын бир учурда төмөндөтүү менен кант кызылчасынын жогорку түшүмдүүлүгүн камсыз кылды.

Бирок тажрыйба көрсөткөндөй көп чарбаларда семирткичтер жетишерлик эффективдүү колдонулбайт, аларды колдонуунун эрежелери көп бузулат. 1971-жылдын түшүмү үчүн айдалган кызылча аянтынын 10 миң гектар тоңдурмасына же болбосо аянттын 22 процентине гана кык чачылган, Калинин районунун колхоздору кант кызылчасы үчүн тоңдурманын 70 процентке жакынын кык чачпастан айдашкан.

Бардык эле жерде негизги иштетүүнүн алды жагында минералдык жана органикалык семирткичтер менен кыртышты азыктандырышпайт. Анын үстүнө органикалык семирткичтер агрономиялык эрежелерди бузуу менен берилет. Аны тийиштүү тереңдикке жеткирип көмүүнүн ордуна көп учурларда айдоо аянттарынын үстүнө гана чачып коюшат. Муну менен алар отоо чөптөрдүн өсүшүнө жакшы шарт түзүп беришет. Алар көп учурларда кызылчанын тамырынын чиришин пайда кылат. Ошондой болсо да 1972-жылкы кызылча аянтынын айдоолоруна — Калинин районунун чарбаларында 15 миң тонна кыктан

11 миң тоннасы, Москва районунда 126 миң тонна кыктан 95 миң тоннасы кыртыштын үстүнө чачылган.

Азоттук семирткичтердин көп дозасы тоңдурма айдоонун алдына эмес, вегетациялык мезгилдин учурунда берилет. Андан улам азыктандыруунун мөөнөтү узарып кетет. 1971-жылы республика боюнча кант кызылчасын биринчи азыктандыруу жалпысынан 21-июлда гана бүткөн, ал эми Москва жана Калинин райондорунда чарбаларда кант кызылчасын экинчи жолку азыктандыруу августка чейин созулган. Мунун өзү кант кызылчасын иштетүүнүн агротехникасын олуттуу түрдө бузгандык болуп эсептелет. Анын өзү акыры барып түшүмгө салакасын да тийгизген. Органикалык жана минералдык семирткичтерди жер айдоо алдындагы культивациялоонун жана азыктандыруунун алдында гана берүү кызылчанын түшүмдүүлүгүн 50—60 центнерге, ал эми канттуулугун 0,6—0,8 процентке төмөндөтөт.

Сугат жерлеринин шарттарында кант кызылчасынын түшүмдүүлүгүн жогорулатууда айыл чарба өсүмдүктөрүн сугаруунун прогрессивдүү ыкмаларын жайылтуунун чоң мааниси бар. Ошону менен бирге кант кызылчасын сугаруу оор жана түйшүктүү жумуш болуп саналат. Ошондуктан сугат ишин механизациялаштыруу жана анын негизинде сугатка кетүүчү чыгымдарды азайтуу абдан зарыл иш болуп саналат.

Кант кызылчасы боюнча Кыргызстан тажрыйба-селекциялык станциясынын техника жана ийилгич түтүктөр менен сугарууну уюштурууларын изилдөө сугаруунун бул жолдору сугаттын санын кыскартып, сапатын арттыраарын, кыртыштын нымдуулугу терендээрин, суунун башка жакка агып кетиши толук жоюлаарын, сугатчылардын эмгегинин жеңилдерин жана алардын эмгегинин өндүрүмдүүлүгүнүн жогорулаарын көрсөттү.

Сугатчылардын эмгек өндүрүмдүүлүктөрүнүн жогорулашына байланыштуу ар бир сугатчыга көбүрөөк айдоо аянтынын бекитилип берилиши келип чыгат. Ийилме түтүктөр сугаттын санын жакшыртуу менен кызылчанын түшүмүн жогорулатууга жана суунун сарпталышын төмөндөтүүгө көмөк берет (№ 15-таблица).

15-таблицадан көрүнүп тургандай ийилме түтүктөр менен сугаруу жөнөкөй жол менен сугарганга караганда бир канча артыкчылыкка ээ — түшүм ар гектарына 47,9 центнерге жогорулады, ал эми сугат нормасы

15-таблица

**Сугаттын бул тажрыйбасы боюнча[1] кызылчанын түшүмү жана бир тонна кызылчага суунун чыгымдалышы**

| | Сугаттын саны | Сугаруу нормасы кубм/га | Кызылчанын гектардан түшүмү | 1 тонна түшүмгө суунун чыгымдалышы куб м/га | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | куб м/га | % менен |
| Жөнөкөй бороз менен сугаруу | 4 | 4500 | 614,8 | 73,2 | 100 |
| Ийилме түтүктөр менен | 4 | 3000 | 662,5 | 45,3 | 61,9 |

тескерисинче 1500 м³/га төмөндөдү. Ар бир тонна кызылчага суунун чыгымдалышы 27,9 куб метрге же 38,1 процентке төмөндөдү.

Ташып жүрүүчү ийилме түтүктөрдүн кемчилдиги, анын жаадырып сугарууга караганда эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн бир топ төмөн болушу жана өз баасынын кымбаттыгы (түтүктөрдүн толук бир комплектиси 3700 сом турат), жетиштүү бекем эмгестиги, урунуу мөөнөтү үч, кээде эки жылдан да ашпайт.

Жаадырып сугаруучу агрегат менен сугарганда бир гектарга бир сугатта кол эмгеги 0,25—0,30 киши-күнүнө чейин кыскарат, ал эми эмгектин жалпы эле жумшалышы ийилме түтүктөр менен сугарууга салыштырганда 2—3 эсе кыскарат. Жаадырып сугарган участканын бир гектарынан алынган кызылчанын орточо түшүмү 702,6 центнерди түздү, бул кадимки бороз боюнча сугарган жердикинен 68 центнерге жогору.

Сугаруунун прогрессивдүү ыкмаларынын чоң эффективдүүлүгүнө карабастан айрым чарбалар менен райондордо алардын маанисине жеткире баа беришпейт. Вегетациялык биринчи сугат абдан кечигүү менен башталат, алар көпкө созулат. Мисалы, Кемин районунун чарбалары биринчи сугатка биринчи июнда киришкен жана

[1] И. Ф. Шпинков. Кант кызылчасын иштетүүнүн жаңы технологиясы. Фрунзе, 1963, 59-бет.

аны 25 күнгө созушкан, Кант районунда — 26-июнга чейин, Москва районунда 5-июнга чейин созушкан.

Сугат тармактарынын начар даярдалышынан жана ар түрдүү уюштуруу иштеринин жетишсиздигинен улам биринчи сугат ар дайым кымбатка түшөт. Бирок айрым чарбаларда ал өтө эле созулуп кетет. Мисалы, ал Москва районундагы «Новый путь» колхозунда 39, «Заветы Ильича» колхозунда —69, Энгельс атындагы колхоздо 41 күнгө чейин узарып кеткен.

Албетте, эгилген урукту багуунун алгачкы эле жумуштарынын мынчалык узарып кетиши кант кызылчасын иштетүү боюнча рекомендацияларга карама-каршы келет, тамырдын нормалдуу өсүшүн кескин түрдө бузат, өсүмдүктүн илдеттерге жана зыянкечтерге туруштук берүүсү төмөндөйт.

Мунун баары плантацияны механизация жолу менен суюлтууну жүргүзүүнү оордотот жана суюлтууга кол эмгекти көп жумшоого алып келет. Механизациялык суюлтуу 1971-жылы бар болгону 11 миң гектарда гана, же бардык аянттын 4төн бир бөлүгүндө гана жүргүзүлгөн, анын ичинде Москва районунда —2000 гектарда, Кант районунда —834 гектарда жүргүзүлгөн, ал эми Кемин районунда такыр эле жүргүзүлбөгөн. Анын үстүнө суюлтуу узак мөөнөткө созулуп кетет. Мисалы, Москва районундагы «Заветы Ильича» колхозунда кызылчаны суюлтууну —35, «Россия» колхозунда —31, Кант районундагы Киров атындагы колхоздо болсо 25-апрелден 18-июлга чейин, башкача айтканда, 80 күндөн ашык суюлтушкан. Ал эми суюлтуунун узарып кетиши, албетте, түшүмдүн бир топ аз алынышына жана канттуулуктун төмөндөп кетишине алып келет.

Кант кызылчасын иштетүүнүн агротехникасын сактабоонун кандай зыяны бар экендигин жана аны иштетүүнүн туура технологиясын сактоодо кандай резервдер бар экендигин Москва районунун 1970-жылдагы салыштырмалуу маалыматтарынан байкап көрүүгө болот (16-таблица).

Кант кызылчасын багуунун бардык агротехникалык эрежелерин жакшы сактоо менен «Коминтерин» колхозу башка эки чарбага салыштырганда жана район боюнча орточо өзүнө турган наркы төмөн турган жогорку түшүмдү алды.

16-таблица

**Москва районунун колхоздорунда 1970-жылы кант кызылчасын иштетүүнүн технологиясынын салыштырмалуу көрсөткүчү жана анын кант кызылчасынын түшүмүнө таасири**

| Көрсөткүчтөрү | Колхоздор | | |
|---|---|---|---|
| | «Коминтерн» | «Путь Ленина» | «Россия» |
| 1. Айдоо аянты, га | 1558 | 1075 | 1266 |
| 2. Үч жана андан көп жылдар бою кызылча айдалган жерге кызылча айдоо % | 29 | 24 | 45 |
| 3. Механизациялык суюлтуу % | 70 | 71 | 61 |
| 4. Эгилген кызылчанын жыштыгы гектарына миң түп | 78 | 80 | 74 |
| 5. Суюлтуунун узактыгы, күн менен | 31 | 28 | 31 |
| 6. Текшерүүнүн узактыгы, күн менен | 26 | 34 | 67 |
| 7. Биринчи сугаттын узактыгы, күн менен | 27 | 11 | 34 |
| 8. Кызылчанын түшүмдүүлүгү, гектарына центнер менен | 374 | 331 | 248 |
| 9. Эгүүнүн узактыгы, күн менен | 17 | 21 | 22 |
| 10. Кант кызылчасынын 1 центнеринин өзүнө турган наркы, сом менен | 1,75 | 1,83 | 2,04 |

## 2 КЫЗЫЛЧА ӨСТҮРҮҮЧҮЛҮКТӨ ЭМГЕК ПРОЦЕССТЕРИН КОМПЛЕКСТҮҮ МЕХАНИЗАЦИЯЛАШТУРУУ — ПРОДУКЦИЯНЫН БИРДИГИНЕ ЖУМШАЛУУЧУ МАТЕРИАЛДЫК-ЭМГЕК ЧЫГЫМДАРЫН ТӨМӨНДӨТҮҮНҮН НЕГИЗГИ ЖОЛУ

Колхоздук өндүрүштүн оор эмгек процесстерин кеңири механизациялаштырбай жана электрлештирбей туруп айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн өсүшүнө жана анын өзүнө турган наркынын төмөндөшүнө жетишүүгө мүмкүн эмес. Кеңири механизациялаштыруунун жана электрлештирүүнүн негизинде гана кызылча өстүрүүчүлүктө комплекстүү механизациялаштыруу жана продукциянын бирдигине жумшалуучу материалдык-эмгек чыгымдарын төмөндөтүү маселелери чечилүүгө тийиш.

Айыл чарбасынын өнүгүшүн изилдөө менен В. И. Ленин «Мында айыл чарбасы негизинен, иштетилүүчү жердин санын көбөйтүү менен эмес, мурдакы эле жердин санына капиталдык салымдардын өлчөмүн көбөйтүүнүн аркасында гана интенсивдүү өнүгүп жатат» [1] деп баса белгилеген.

Азыркы кезде Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо айдоо жерлеринин аянты чектелген. Бул болсо айыл чарба өсүмдүктөрүнүн аянттарын кеңейтүүгө мүмкүндүк бербейт. Ошондуктан, айыл чарбасын интенсификациялоо продукциянын бирдигине минималдуу эмгек жана чыгым жумшоо менен ар бир гектар жерден продукцияны арбын өндүрүп алууну көбөйтүүнүн негизги булагы болуп саналат. Дыйканчылыктын интенсивдүү өнүгүшүнүн жолунда жер аянттарынын бирдигине өндүрүш каражаттарынын улам көп сандары кошулуп жатат. Аларга илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин, өндүрүш процесстерин химиялаштырууну жана комплекстүү механизациялаштырууну пайдалануу кирет. Дыйканчылыкты интенсификациялоо канчалык жогору болсо кыртыштын асылдуулугун жогорулатуу жана жердин ар гектарынан арбын түшүм алууга ошончолук толук мүмкүнчүлүк ачылат.

Айыл чарба өндүрүшүнүн интенсификациясынын даражасын жер аянтынын бирдигине кеткен негизги фондулардын суммасы, адам күчүнүн жана семирткичтин чыгымы, энергетикалык кубаттуулуктардын чоңдугу өңдүү көрсөткүчтөр менен мүнөздөөгө жана ажырата билүүгө мүмкүн. Алардын арасында, айыл чарба өндүрүшүнүн интенсивдүүлүгүнүн жалпы деңгээлин аныктай турган негизги көрсөткүч болуп кызылчанын айдоо аянттарынын бирдигине жана бир кызматчыга бөлүнгөн негизги өндүрүштүк фондунун өлчөмү саналат.

Колхоздордун негизги фондулар менен жабдылышынын жогорку деңгели жана алардын рационалдуу структурасы агрономиялык илимдердин жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүүгө шарт түзөт. Ал болсо кыртыштын асылдуулугун, ар түрдүү өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүн жогорулатат жана продукциянын бирдигине кетүүчү материалдык-эмгек чыгымдарын төмөндөтөт. (17-таблица).

---

[1] В. И. Ленин. Чыгармалар жыйнагы, 32-том, 57-бет.

17-таблица

**Чүй өрөөнүндөгү колхоздордун эмгек куралдары менен куралдануу жана жабдуу фондусунун өсүшү**

| | 1965-жыл | 1970-жыл | 1970-жылы 1965-жылга карата % менен |
|---|---|---|---|
| Негизги өндүрүштүк фондулар бир колхозго орточо миң сом | 1836,0 | 2612,1 | 142,5 |
| 100 гектар айыл чарба жерине миң сом | 8670 | 12174,0 | 140,4 |
| 100 гектар айдоо жерине миң сом | 39400 | 59600 | 151,3 |
| Эмгекке жарактуу 1 колхозчуга, сом | 1498 | 2612,1 | 174,4 |

Негизги фондулардын өсүшү менен алардын бир чарбага жана жер аянтынын бирдигине концентрацияланышы көбөйө бергендиги, ал болсо өрөөндүн колхозорунда айыл чарбасынын бардык тармактарын ургаалдуу интенсификациялаштыруу үчүн зарыл шарттарды түзө тургандыгы жогорудагы таблицадан көрүнүп турат.

Колхоздордун негизги өндүрүштүк фондулар менен камсыз болушу жөнүндөгү анализ чарбалардын негизги өндүрүштүк фондулар менен камсыз болуусунда чоң мөртөй-шөртөйлүк бар экендигин көрсөтүп турат.

Москва районундагы «Красный Октябрь», «Заветы Ильича», Энгельс атындагы, Калинин районундагы Панфилов атындагы колхоздор ар бири 6 миллион сомдон ашык, ал эми айыл чарба жеринин 100 гектарына 20—25 миң сомдон негизги фондулар болгон. Бирок, эмгек каражаттарынын наркы 2 миллион сомго жетпеген да чарбалар бар. Мисалы, Чүй районундагы Жданов атындагы, «Ак-Бешим», «Бурана», Кант районундагы «Алга», Жданов атындагы колхоздордун негизги каражаттары 1,8 миллион сомдон кем, ал эми айыл чарба жеринин 100 гектарына 10—11 миң сом чыгымдайт. Мунун өзү, Чүй өрөөнүндөгү жаратылыш шарттары бирдей болгон жана бирдей типте адистештирилген колхоздордо жабдылыш жана айыл чарба куралдары менен куралдануу фондулары ар түрдүү деңгелде экендигин көрсөтүп турат. Мисалы, кызылча эккен 58 колхоздон айыл чарба жери-

нин 100 гектарынан негизги өндүрүштүк фондусу болгондор —8,0, миң сомго чейинкиси —28,5%, 8,0 миң сомдон 12 миң сомго чейинкиси —46,8%, 12 миң сомдон жогоркусу —24,7 процент.

Ошондуктан, биринчи эки группадагы колхоздордун жабдылышын эң мыкты жабдылган группадагылардын деңгелине чейин жогорулатуу чарбалардын жана мамлекеттин башкы милдети болуп саналат. Бир типте адистешкен чарбалардын негизги фондулар менен камсыз болушундагы чоң айырмачылыктары чарбанын экономикасынын өнүгүшүнүн ар түрдүү деңгели, ошондой эле бөлүнбөс фондунун негизги каражатынын бөлүгүнө накта кирешеден чегерүү бирдей нормада болгондугу менен түшүндүрүлөт.

Колхоздордун негизги фондулар менен ар түрдүү деңгелде жабдылышы мамлекеттик кредиттерди бөлүштүрүүдө эске алынышы керек. Бул салымдын арбын бөлүгү экономикалык жактан артта калган колхоздордун негизги фондусунун өсүш темпин көбөйтүүгө өндүрүмдүү эмгек куралдары менен жабдылышына багытталуу керек.

18-таблица

**1965—1970-жылдарда Чүй өрөөнүндөгү колхоздордун коомдук чарбаларынын машина менен жабдылышынын динамикасы**

| Көрсөткүчтөрү | 1965-жыл | | 1970-жыл | | 1970-жылы 1965-жылга карата % менен | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | орто эсеп менен 1 колхозго | 100 гектар айдоо аянтына | орто эсеп менен 1 колхозго | 100 гектар айдоо аянтына | орто эсеп менен 1 колхозго | 100 гектар айдоо аянтына |
| 100 гектар аянтка кеткен бардык энергетикалык ресурстар, ат күчү | 6340 | 135 | 9005 | 193 | 137 | 143 |
| Тракторлор, даана | 94 | 1,27 | 132 | 2,81 | 140 | 221 |
| Жүк ташуучу автомашиналар, даана | 45,1 | 0,97 | 40,8 | 0,87 | 90,5 | 89,8 |
| Дан комбайндары, даана | 8,6 | 0,18 | 10,8 | 0,23 | 125,0 | 128,0 |
| Кызылча комбайндары, даана | 11,9 | 0,20 | 12,2 | 0,26 | 103,0 | 130 |

Чүй өрөөнүндөгү колхоздордун энергоресурстарынын абсолюттук өлчөмүнүн өсүшүнө байланыштуу колхозчулардын энергия менен камсыз болушу жана энергия менен куралданышы жогорулайт. 1965-жылдан 1970-жылга чейин алар 1,53 эсе жогорулады. Бул мезгилдин ичинде 100 гектар айдоо аянтына алып эсептегенде энергоресурстары 1,43 эсе өстү. Бул болсо Чүй өрөөнүндөгү колхоздук өндүрүштүн энергия менен камсыз болушунун өсүш темпинин жогорулугу жөнүндө баяндап турат.

Азыркы кезде колхоздордун көптөгөн тракторлору, комбайндары жана автомашиналары бар. Бир эле колхозго алып эсептегенде тракторлордун паркы 1965-жыл менен салыштырганда 1,4 эсе, комбайндардын паркы — 1,25 эсе өскөн.

Бирок айыл чарбасынын механизация куралдары менен, өзгөчө автомашиналар жана комбайндар менен жаңыдан жабдылышы жай темп менен жүрүп жатат. 1965-жыл менен салыштырганда 1970-жылы кызылча казуучу комбайндардын саны 3 процент, орто эсеп менен бир жылдын ичинде 0,6 процент жогорулаган, ал эми жүк ташуучу автомобилдердин саны тетирисинче 9,5 процентке төмөндөгөн. Эгерде Чүй өрөөнү айыл чарбасы эң интенсивдүү келген зона экендигин, жана ал кант кызылчасын сүт менен этти, башкача айтканда, эмгекти көп талап кыла турган тармактарды өнүктүрүүгө адистештирилип жаткандыгын эске алганда өндүрүүнүн арбын каражаттарынын өсүү темптерин төмөндөтүүгө карата болгон тенденция өзүн эч актай албайт. Кызылчачылыкты механизациялаштыруудагы эң татаал проблема болуп кант кызылчасын жыйнап алуу проблемасы кала берүүдө. Кант кызылчасын өстүрүүгө кеткен эмгек чыгымдарынын теңинен көбү түшүмдү жыйноо үлүшүнө туура келет.

Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо кызылча жыйноочу комбайндар али аз, ал эми колдо болгондору да эң начар пайдаланылат.

Аны менен эле катар биздин өнөр жайыбыз азырынча кызылча жыйноочу комбайндарды канааттандырарлыксыз сапатта чыгарып жатат. Ошондуктан Чүй өрөөнүндө кант кызылчасын жыйноо мезгили эң кыйын учур болуп эсептелет. Жумушчу күчтөрү жетишпегендиктен түшүмдү жыйноого көптөгөн шаардыктар, студенттер менен мектеп окуучулары тартылат жана ал үчүн коомдук бир

топ каражаттар жумшалат. Албетте, мунун өзү колхоздор үчүн эң пайдасыз, анткени андан кант кызыкчасынын өзүнө турган наркы бир канча кымбаттап кетет.

Айыл чарбасынын техникалык жабдылышын жогорулатууга байланыштуу техниканы рационалдуу пайдалануу жана алардын экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселелери абдан чоң практикалык мааниге ээ болууда.

Бирок кийинки жылдарда чарбалардын техникалык жабдылышынын өсүшү менен аларды пайдалануунун эффективдүүлүгү төмөндөөдө. Мисалы, 15 аттын күчү бар трактордун жылдык иштөө нормасы 1970-жылы 1958-жыл менен салыштырганда 13,3 процентке, ал эми күндүк иштөө нормасы 18,8 процентке төмөндөгөн. Машина-трактордук парктын өндүрүмдүүлүгүнүн төмөндөшү механизациялашкан жумуштардын өзүнө турган наркынын (бир гектар жумшак айдоого эсептегенде) 4,35 сомдон 4,88 сомго чейин жогорулашына алып келген..

Мында тракторлордун бош турбай иштеп туруулары жыл бою жогорулап турган. Мындан улам азыр Чүй

19-таблица

**1958—1970-жылдарда Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо тракторлорду пайдалануунун динамикасы (15 аттын күчү бар тракторго алып эсептегенде)**

| Көрсөткүчтөрү | 1958-ж. | 1966-ж. | 1970-ж. | 1970-жылы 1958-жылга карата % менен |
|---|---|---|---|---|
| Иштетүү машина-күнү | 112 | 211 | 192,0 | 160,0 |
| Иштетүү машина-смена | 161 | 276 | 206,0 | 128,0 |
| Сменалүүлүктүн коэффициенти | 1,43 | 1,11 | 1,07 | 75,0 |
| Жылдык иштөө нормасы жумшак айдоодон | 479 | 435 | 415,0 | 86,7 |
| Күндүк иштөө нормасы жумшак айдоодон | 4,2 | 2,1 | 2,15 | 51,2 |
| Сменалык иштөө нормасы, жумшак айдоодон | 3,0 | 1,8 | 2,0 | 66,7 |
| 1 гектар жумшак айдоонун өзүнө турган наркы | 4,35 | 4,74 | 4,88 | 112,3 |

өрөөнүндөгү колхоздордо тракторлордун тынымсыз иштеп туруулары жогорулагандыгына карабастан, жыл бою күндүк жана сменалык жумушчу убакыттарын өндүрүмсүз пайдалангандыктан, тракторлорду пайдалануунун эффективдүүлүгүнүн төмөндөшү келип чыгууда. Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо машина трактордук парктарды пайдалануунун төмөндөшүнүн эң негизги себеби болуп техникалык куралдарынын өсүшү менен смендүүлүктүн төмөндөгөндүгү, тракторлордун күндүк жана сменалык өндүрүмдүүлүгүнүн бир топ төмөндөгөндүгү саналат.

20-таблица

**Жумшак айдоолордун гектарларынын өзүнө турган наркынын жана трактордук паркынын чыгымдарынын динамикасы**

| Жылдар | Бардык чыгым миң сом | Шарттуу бир трактордун жумшак айдоодогу иштөө нормасы | 1 гектар жумшак жердин өзүнө турган наркы сом | Анын ичинде: | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | эмгек чыгымдары | күйүүчү майлоочу материалдар | учурдагы ремонт | амортизациясы | башкалары |
| 1966 | 4750,0 | 435 | 4,74 | 2,46 | 0,50 | 0,72 | 0,99 | 0,07 |
| 1970 | 15554,0 | 415 | 4,88 | 2,08 | 0,79 | 0,96 | 1,00 | 0,03 |
| 1970-ж. 1966-жылга карата % менен | 326 | 95,5 | 103,0 | 84,6 | 160 | 136 | 100,1 | 42,8 |

Өрөөндөгү чарбаларда трактордук парктардагы иштетүү чыгымдары 1966—1970-жылдарда 10,8 миллион сомго чейин же болбосо 3,2 эсе өскөн, ал эле түгүл трактордук жумуштардын көлөмү (жумшак айдоо) 2052 миң гектарга же 2,8 эсе жогорулаган.

Материалдык-акча жана эмгек чыгымдарынын аткарылган жумуштардын көлөмү менен салыштырганда алда канча өсүүсү трактордук жумуштардын бирдигинин өзүнө турган наркынын 1966-жылга салыштырганда 1970-жылы 3 процентке жогорулашына алып келгендиги жогоруда көрүнүп турат.Мында эмгекке акы төлөө жана башка чыгымдар азайган, ал эми майлоочу майлар,

ремонт өндүү чыгымдардын элементтери көбөйгөн. Трактордук жумуштардын өзүнө турган наркынын өсүүсүнө тракторлордун жылдык иштөө нормаларынын төмөндөп кетиши көп таасир эткен.

Трактордук парктын чыгымдарынын эң бир негизги элементтеринин бири — бул күйүүчү жана майлоочу материалдарга кеткен чыгымдар экендиги 20-таблицадан көрүнүп турат. Азыркы кезде республикадагы кызылча айдаган колхоздордун машиналардын айрым маркалары менен жабдылышы болжол менен бирдей эле. Ошондуктан трактордук жумуштардын бирдигине кетүүчү жана майлоочу материалдын чыгымы болжол менен бирдей болушу керек. Бирок колхоздордо бул айырмачылыктар али бир топ эле.

Күйүүчү жана майлоочу материалдарга кетүүчү чыгымдарды азайтуунун негизги шарты болуп тракторлордун жана башка айыл чарба машиналарынын техникалык абалын жакшыртуу болуп саналат.

Күйүүчү майдан көп үнөм алууга жана трактордук жумуштардын кыскарышына агрегаттардын жүрүү ылдамдыгын арттыруу аркылуу жетишүүгө болот, анткени, жүрүү ылдамдыгы канчалык жогору болсо, трактордук жумуштун бирдигине кетүүчү күйүүчү майдын чыгымы ошончолук аз болот.

Тракторлордун оң эместигинен улам аны оңдоп жаткан учурда же тыныгуу маалында трактористтин шалакылыгынан аны өчүрбөй иштетип коюудан, бир жерден экинчи жерге максатсыз эле айдай берүүдөн күйүүчү майлар бекер чыгымдоолорго учурайт.

Андан башка да аткарылган иштерди контролдукка алуунун начардыгынан улам күйүүчү жана майлоочу майларды, запастык бөлүктөрдү сарптоодо, агрегаттарды техникалык жактан күтүү жумуштарында жалган документтерди толтурууга жол берилет жана анын натыйжасында күйүүчү жана майлоочу майларды, запастык бөлүктөрдү ылгоодо, эмгек акыны эсептөөдө жана башка иштерде жалган документтер жазыла берүү биздин практикабызда али жоюла элек.

Күйүүчү майлардын, запастык бөлүктөрдүн жана башкалардын өндүрүмсүз чыгымдарын сактоодогу эң башкы шарттардын бири бригадаларга, фермаларга чарбалык расчётту киргизүү, ал болсо колхоздордогу ма-

териалдык-эмгек чыгымдарын азайтат жана трактордук жумуштардын өзүнө турган наркын төмөндөтөт.

Колдо болгон техниканы жогору өндүрүмдүү кылып пайдалануу, анын экономикалык эффективдүүлүгүн жогорулатуу дыйканчылыкта жана мал чарбасында продукты өндүрүүнү бир канча жогорулатууга жана продукциянын өзүнө турган наркын төмөндөтүүгө көмөк берет. Бул жөнүндө Чүй өрөөнүндөгү колхоздордун группаларынын 15 аттык күчү бар тракторлорунун жылдык иштөө нармаларынын деңгели боюнча маалыматтары ишенимдүү далилдеп турат. (21-таблица).

Кант кызылчасын өндүрүүдө жогорку экономикалык көрсөткүчтөргө ээ болгон тракторлорду пайдалануунун жогорку деңгелине жетишишкен III группадагы колхоздор

21-таблица

**Трактордук паркты пайдалануу деңгелинин кант кызылчасынын өзүнө турган наркына жана рентабелдүүлүгүнө тийгизген таасири[1]**

| Көрсөткүчтөрү | Трактордук парктарды пайдалануу деңгелдери боюнча колхоздордун группасы | | | Группалар орточо аткаруулары |
|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | |
| Группадагы колхоздордун саны | 19 | 23 | 16 | 58 |
| 15 аттык күчү бар трактордун жылдык орточо иштөөсү, жумшак айдоо, га | 337 | 482 | 502 | 439 |
| Кант кызылчасынын орточо түшүмдүүлүгү ц/га | 266 | 391 | 421 | 346 |
| Бир центнер кант кызылчасынын өзүнө турган наркы, сом | 2,04 | 1,71 | 1,63 | 1,75 |
| Кант кызылчасынын бир центнерин сатып өткөргөндөн кийинки накта орточо баасы, сом | 2,70 | 2,55 | 2,45 | 2,54 |
| Кант кызылчасынын рентабелдүүлүгүнүн деңгели % | 32 | 49 | 50 | 45 |

[1] Ш. Мусакожоев ж. б. Айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык эффективдүүлүгү. «Кыргызстан». 1969, Фрунзе, 147-бет.

талаачылык жумуштарын агротехникалык мөөнөттө бүткөрө алышкандыктары жана анын өзү түшүмгө түшүм кошууга өбөлгө болгону жогоруда келтирилген маалыматтардан көрүнүп турат. Түшүм канчалык жогору болсо, башка бирдей шарттарда продукциянын өзүнө турган наркы төмөн болсо, анда анын рентабелдүүлүгү да жогору болорлугу белгилүү. Мында 1 центнер кант кызылчасынын өзүнө турган наркы I группадагы колхоздорго салыштырганда 20 процентке арзан түшкөн, ал эми рентабелдүүлүгү 56 процентке жогору болгон.

Мында кант кызылчасын өндүрүүнүн өзүнө турган наркынын төмөндүгүнө жеке эле анын түшүмдүүлүгүн жогорулатуудан улам гана эмес, ошондой эле айыл чарба техникаларын пайдалануудан улам келип чыгуучу иштетүү чыгымдарын кыскартуудан да жетишүүгө болот. Механизацияланган жумуштардын өзүнө турган наркы барыдан мурда машина-трактордук парктарды пайдалануунун деңгелинен, күйүүчү-майлоочу майларды, запастык бөлүктөрдү жана жумшак айдоонун гектарларынын бирдигине кетүүчү эмгек чыгымдарын үнөмдөөгө байланыштуу болот. III группадагы колхоздордун жумшак айдоо жерлеринин гектарларынын бирдигине кеткен материалдык жана эмгек чыгымдары I группадагы колхоздордукуна караганда дээрлик жарымына жакын төмөн болуп чыкты.

Мына ошентип, III жана I группадагы колхоздордун машина-трактордук парктарды пайдаланууда эффективдүүлүк боюнча чоң айырмачылыктары бар. Мунун өзү Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо чоң резервдердин бар экендигин жана алардын ишке ашырылышы зор эффектилерди бере тургандыгын көрсөтүп турат.

Кант кызылчасын иштетүүгө механизацияны жана прогрессивдүү технологияны киргизүүнүн натыйжасында продукциянын бирдигине кетүүчү эмгек чыгымдары 1962—1970-жылдардын ичинде 0,27 киши-күнүнөн 0,18 киши-күнүнө чейин кыскаргандыгын, башкача айтканда, эмгек өндүрүмдүүлүгү 33,3 процентке жогорулагандыгын биз жогортодон көрүп отурабыз.

Ошондой болсо да кант кызылчасын өндүрүүгө али да болсо көп эмгектер кетүүдө. Ал эле түгүл алдыңкы чарбалар да кант кызылчасынын ар гектарына 70—80 киши-күнүн кетиришет. Мындай шарттар чарбалар кант кызылчасын иштетүү боюнча жумуштарды жетиштүү

түрдө механизациялаштырбагандыктары менен түшүндүрүлөт. Албетте, мында комплекстүү механизациянын жок болушу Чүй өрөөнүндөгү көп колхоздор менен совхоздордо эмгекке көп чыгым төлөөлөрүнүн жана продукциянын өзүнө турган наркынын эң жогору болушунун башкы маселелеринин бири болуп саналат.

Комплекстүү механизация эмгек чыгымдарын канча кыскартаарын жана продукциянын өзүнө турган наркын канчага төмөндөтөөрүн төмөндөгү звенолор менен чарбалардын салыштырма маалыматтары көрсөтүп турат (22-таблица).

22-таблица

**Кант кызылчасы боюнча комплекстүү-механизациялашкан звенолордун 1970-жылдагы иштеринин көрсөткүчтөрү**

| | А. М. Стрижконун звеносу | | Кант районундагы Калинин атындагы колхоздон А. Изактын звеносу | |
|---|---|---|---|---|
| | 1970 | жыйынтыгына % | 1970 | жыйынтыгына % |
| Эмгек акы | 24330 | 39,0 | 31361 | 53,2 |
| Ремонтко чегерүү | 4545 | 7,3 | 3440 | 5,5 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 1505 | 2,4 | 1001 | 1,7 |
| Урук | 441 | 0,7 | 981 | 1,6 |
| Жер семирткичтер, уу химикаттар | 3819 | 6,1 | 2288 | 3,8 |
| Негизги каражаттын амортизациясы | 6398 | 10,2 | 3332 | 5,6 |
| Башка чыгымдар | 17691 | 34,3 | 16807 | 28,6 |
| БАРДЫГЫ: | 62591 | 100 | 58890 | 100 |
| Кызылчанын айдоо аянты, га | 90 | — | 104 | — |
| 1 гектар аянтка кеткен негизги каражаттын наркы, сом | 368 | — | 195 | — |
| Түшүмдүүлүк, ц/га | 537,6 | — | 373 | — |
| 1 центнерге кеткен эмгек чыгымдары, миң | 24 | — | 63 | — |
| 1 центнердин өзүнө турган наркы, сом | 1,29 | — | 1,52 | — |

Стрижконун звеносунда ремонтко жана амортизацияга чегерүүлөр, жер семирткичтердин жана уу химикаттардын баасы, ошондой эле башка чыгымдар беркн салыштырып жаткан звенодогуга караганда жогору экендиги келтирилген маалыматтардан ачык көрүнүп турат. Бул болсо техниканын абдан арбындыгы жана минералдык жер семирткичтерди жетиштүү пайдалангандык менен түшүндүрүлөт. Колдо техниканын арбын болушу А. М. Стрижконун звеносуна кант кызылчасын иштетүүнүн бардык өндүрүштүк процесстерин комплекстүү механизациялаштырууга жана бардык агротехникалык иштерди кыска мөөнөттөрдө жүргүзүүгө жана алардын негизинде ар гектарынан 165 центнерден түшүмдү арбын алууга мүмкүндүк түзгөн.

Комплекстүү механизацияга өтүү менен кант кызылчасын иштетүүдө анын өзүнө турган наркынын сртуктурасында сапаттык өзгөрүүлөр өтүп жатат. Мисалы, машина-тракторлук паркты күтүүгө кетүүчү чыгымдардын салыштырма салмагынын жогорулашы байкалууда. Бул болсо эмгекке акы төлөө чыгымдарын жана продукциянын бирдигине кетүүчү бардык чыгымдардын абсолюттук жана жарым-жартылай туюнтмасында кыскарышына алып келген. Бирок эмгек акынын салыштырма салмагынын кыскарышы жумушчулардын эмгек акысын төмөндөтүүнүн эсебинен жүргүзүлгөн эмес, тескерисинче, алардын эмгек акысынын өлчөмү өсүүдө, анткени, азыр кол эмгеги механизаторлордун квалификациялуу жана арбын акы төлөнө турган эмгектери менен алмашууда (23-таблица).

Комплекстүү механизацияны киргизүүдөн эмгекти сарптоо боюнча абдан чоң үнөм алууга болорлугун жана да айыл чарбасына жумушчу күчтөрүн тартуунун зарылдыгы келип чыкпай каларлыгын бул маалыматтар ачык көрсөтүп турат.

Комплекстүү механизациялаштырылган алдыңкы звенолордо кант кызылчасын иштетүүгө 32—35 киши-күнүн сарпташат. 1970-жылы республиканын кызылча эккен колхоздорунда кызылчанын бир гектарын иштетүүгө 58 киши-күнү сарпталган.

Албетте, кызылча өстүрүүнү мындан ары да өнүктүрүү жана анын эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ийгиликтүү орундатуу үчүн барыдан мурда колхоздор менен совхоздордун жогорку өндүрүмдүү жа-

на арзан техникалар менен жабдылыш темпин күчөтүү зарыл.

23-таблица

**Салыштырылып жаткан звенолордо 1970-жылда мезгилдер боюнча эмгектин сарпталышы**

| Көрсөткүчтөрү | А. М. Стрижконун звеносу | | А. Изактын звеносу | |
|---|---|---|---|---|
| | 1 гектарга кеткен эмгек чыгымы киши-күнү | анын ичинде кол эмгеги | 1 гектарга кеткен эмгек чыгымы киши-күнү | анын ичинде кол эмгегине |
| Негизги иштетүүлөр | 4,81 | 0,53 | 2,16 | 21,12 |
| Эгүү алдында иштетүүлөр | 0,99 | — | 9,83 | 10,67 |
| Эгүү | 2,03 | 1,01 | 6,17 | 13,91 |
| Эгилгенден кийинки багуу | 150,00 | 121,0 | 257,27 | 291,98 |
| Жыйноо | 60,14 | 28,27 | 117,34 | 89,06 |
| БАРДЫГЫ: | 218,57 | 150,80 | 393,90 | 426,74 |

## 3. КАНТ КЫЗЫЛЧАСЫН ӨНДҮРҮҮНҮ АДИСТЕШТИРҮҮ ЖАНА КОНЦЕНТРАЦИЯЛОО

Интенсификациялоону үзгүлтүксүз жүргүзүүнүн базасында кант кызылчасын өндүрүүнүн өзүнө турган наркын төмөндөтүү ири уюштуруу-чарбалык иш-чараларды өткөрүү менен жана баарынан мурда өндүрүштү адистештирүүнү жана концентрациялоону тереңдетүүнү турмушка ашыруу менен тыгыз байланыштуу. Мындай шарттарда өтө өркүндөтүлгөн өндүрүштүк технологияларды, эмгекти кооперациялоонун татаал формаларын колдонууга, эмгектин айрым процесстерин аткарууга кызматчыларды адистештирүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөт, ал эми баарынан башкысы — өндүрүштүн бардык процесстерин комплекстүү механизациялоо үчүн ыңгайлуу мүмкүнчүлүк түзүлөт.

Келечекте ири айыл чарба ишканаларынан болуучу Чүй өрөөнүнүн колхоздору азыркы кезде адистештирилбегендиктен дыйканчылыктын жана мал чарбасынын

продукциялардын бардык түрлөрүн өндүрө албагандыгын көпчүлүк убактарда көрүүгө болот. Негизги өсүмдүктөрдүн бардык түрлөрү эгилген аянттарды көпчүлүк жерлерде бардык бригадалардан учуратасыз.

Өрөөндөгү бир катар чарбаларда өндүрүштү адистештирүү жана концентрациялоону терендетүү боюнча кээ бир иштер иштелгенин белгилей кетүү керек. Бирок, өндүрүштү пландаштыруунун жана айыл чарба продукциясын даярдоонун, ошондой эле өндүрүштү материалдык-техникалык жактан камсыз кылуунун жетишсиздигинен ал бардык убакта өз максатына жетпеген.

Таблицадан (24) көрүнүп тургандай азыркы убактагы Чүй өрөөнүнүн колхоздорунда айыл чарбасынын жетектөөчү тармагы кызылчачылык жана мал чарбасы

24-таблица

**Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо дүң жана товардык продукциянын структуралары (1966—1968-жылдарда орто эсеп менен)**

| Тармактар | Колхоздордогу тармактардын салыштырма салмагы | | | |
|---|---|---|---|---|
| | дүң продукция боюнча | | товардык продукция боюнча | |
| | бүт тармактар боюнча | анын ичинен талаачылык жана мал чарбасы боюнча | тармактар боюнча бардыгы | анын ичинен талаачылык жана мал чарбасы боюнча |
| Бардыгы | 100 | — | 100 | — |
| Анын ичинен: талаачылык | 58,1 | 100 | 57,4 | 100 |
| дан өсүмдүктөрү | 15,6 | 26,7 | 18,2 | 31,4 |
| техникалык өсүмдүктөр | 31,6 | 54,4 | 34,1 | 59,6 |
| Алардын ичинен: кант кызылчасы | 31,4 | 54,1 | 33,8 | 58,9 |
| Картошка, жашылча жана бакча | 2,4 | 4,2 | 2,3 | 4,0 |
| бакчылык жана жүзүмчүлүк | 1,5 | 2,6 | 1,4 | 2,4 |
| Талаачылыктагы дагы башка продуктылар | 7,0 | 12,1 | 1,4 | 2,6 |
| Мал чарбасы | 41,9 | 100 | 42,6 | 100 |
| Анын ичинде кой чарбасы | 18,2 | 43,6 | 16,9 | 40,0 |

болуп саналат. Талаачылыкта дан өсүмдүктөрү (өзгөчө жүргөрү) жана көп жылдык чөптөр сыяктуу кошумча тармактар да жакшы өнүккөн.

Эгер колхоздор боюнча негизги тармактар негизинен туура жайгаштырылса, анда жардамчы тармактарды жайгаштыруу проблемасы канааттандырарлык чечилбеген. Демек, өсүмдүктөр үчүн өтө ыңгайлуу шарт түзүлгөн айыл чарба зоналарында ички зоналдык жайгаштыруусуз өндүрүштү концентрациялоого жетишүүгө мүмкүн эмес. Мындай тармактарга: жашылчачылык, бакчылык, картошкачылык жана башкалар кирет. Өндүрүштө бул тармактарга өтө эле аз көлөмдүү аянттар бөлүнгөндүктөн чарбага анчалык көп өлчөмдө киреше кирбейт. Ошондуктан, аларга көңүл бөлүнбөйт, алардын өнүгүшү үчүн нормалдуу шарт түзүү өтө жай жүргүзүлөт (киши күчү, кампалар, жабдуулар, техникалар ж. б.).

Өрөөндөгү чарбалардын көпчүлүгү бул пайдасыз продуктыларды жалаң гана мамлекетке сатуу планын аткаруу үчүн өндүрүшөт. Аларды бардык чарбаларда жайгаштыруу бир канча кырдаал менен түшүндүрүлөт. Биринчиден, ири өнөр жай борборлорун ташууга ыңгайлуу продуктылар менен камсыз кылуу; экинчиден, колхоздордун айыл чарба өндүрүшүндө рационалдуу эмес жайгаштырылышы менен түшүндүрүлөт.

Албетте, жерди жана киши күчүн натыйжалуу пайдалануу бир гана өсүмдүктү өстүрүүгө алып келбестен, бир нече өсүмдүктөрдү өстүрүүнү талап кылат, мал чарба тармагын өстүрүүгө жол ачат. Бирок, көп тармактуу чарбалардын зоналарында табигый-климаттык жана экономикалык шарттар канчалык ыңгайлуу болбосун, өндүрүштү адистештирүү жогору механизациялаштырылган ишканаларга негизделиши керек. Ошондо гана чарбанын адистештирилишин аныктоочу бир же эки-үч башкы товардык продуктыларды өндүрүүнү өнүктүрүүгө жетишилмекчи. Ал жерлерде бир нече кошумча товардык жана аз пайдалуу тармактарды өнүктүрүү, жетектөөчү тармактарга зыян келтирбестен, алардын андан ары өнүгүшүнө шарт түзгөндөй болгон ири өндүрүштөрдүн уюштурулушу керек.

Ошондой болсо да өрөөндөгү колхоздордун көпчүлүгү көп сандаган өсүмдүктөрдү (кант кызылчасын, дан өсүмдүктөрүн, жашылча, тоют өсүмдүктөрүн) өстүрүшөт жана мал чарбасынын бардык түрүн кармашат. Кала

берсе бир катар колхоздордо кант кызылчасынын аянты жана фермалардын көлөмү анчалык чоң эмес. Мисалы, эгер 1970-жылы Чүй өрөөнүндөгү өсүмдүктөр жайгаштырылган жалпы аянттан кант кызылчасынын аянтынын салыштырма салмагы 16,7 процентти түзсө, кээ бир колхоздордо бар болгону 6,7—8,5 процентти түзгөн.

Кант кызылчасынын аянтынын өтө эле бөлүнүп-бөлүнүп жайгаштырылышы жерди, техниканы жана киши күчтөрүн натыйжалуу пайдаланууга тескери таасирин тийгизүүдө. Колхоздук өндүрүштөгү адистештирилбеген мындай тармактарда эреже катары продукциянын бирдигинин өзүнө турган наркы жогору жана алардын рентабелдүүлүгү төмөн болот (25-таблица).

Таблицанын маалыматтарынан колхоздордо кант кызылчасынын аянтынын салыштырма салмагы 20 проценттен көбүрөөк экендигин, биринчи группадагы кант кызылчасы ээлеген аянты бардык аянттын 13 процентин гана түзгөндүгүнө караганда өндүрүштүн натыйжалуулугунун көрсөткүчтөрү жана кант кызылчасы жалпы алганда мында алда канча көбүрөөк.

III группадагы колхоздордун өндүрүшүнүн рентабелдүүлүгү I группадагы колхоздорго салыштырганда 37,2 процентке көп. Бул группадагы колхоздордун кант кызылчасынын аянты алда канча көп болгондуктан техниканы, семирткичтерди жана жумушчу күчүн кеңири масштабда пайдаланууга мүмкүндүк түзүлгөн. Булар негизги өндүрүш фондусун натыйжалуу пайдаланууга шарт түзгөн.

Адистештирүүнүн деңгелинин өсүшү жалаң гана негизги эмес, ошондой эле кошумча өсүмдүктөрдүн да түшүмдүүлүгүнүн жогорулангандыгын белгилей кетүү ашыктык кылбайт. Мисалы, эгер кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү гектарына 317 центнерден 332 центнерге чейин жогоруласа, анда дан эгиндеринин түшүмдүүлүгү гектарына 13,1 центнерден 16,0 центнерге жогорулаган. Өсүмдүктөрдүн түшүмдүүлүгүнүн өсүшү менен өндүрүлгөн продукциянын бирдигине жумшалган эмгек жана материалдык-акчалай каражаттар азаят.

Бул маалыматтар колхоздордо адистештирүүнү терендетүү экономикалык натыйжалуулуктун жогорулашы жөнүндө күбө болот жана өндүрүштү жогорулатууда пайдаланылбай жаткан резервдерди табууга алып келет. Мына ушулардын баары кант кызылчасынан өтө жогор-

25-таблица

**Продукциянын өзүнө турган наркын төмөндөтүүдө өндүрүштү адистештирүү деңгелинин таасири**

| Жалпы айдоо аянтында кант кызылчасынын салыштырма салмагы боюнча колхоздордун группалары | Группадагы колхоздордун саны | 100 га айыл чарба жерине негизги өндүрүш фондусу (миң сом) менен | Жалпы товардык продукцияда кант кызылчасынан түшкөн акчанын салыштырма салмагы (проц. менен) | Эмгек өндүрүмдүүлүгү (1 саат-күнгө дүң продукция) сом менен | Кант кызылчасынын түшүмдүүлүгү (ц га) | 1 центнер кант кызылчасынын өзүнө турган наркы (сом менен) | 100 сомдук дүң продукция өндүрүүгө жумшалган чыгым (сом менен) | Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү (проц. менен) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| I 13гө чейин | 15 | 5,8 | 32,9 | 10,2 | 317 | 1,88 | 79,51 | 25,8 |
| II 13,1ден 20 га чейин | 28 | 7,7 | 44,7 | 12,1 | 324 | 1,72 | 74,12 | 34,9 |
| III 20,1ден жогору | 11 | 8,6 | 52,6 | 13,2 | 332 | 1,63 | 73,8 | 35,4 |
| III колхоздордун группалары 1 группага салыштырганда процент менен | — | 148,6 | 460,0 | 129,5 | 105,0 | 86,7 | 92,8 | 137,2 |

ку экономикалык натыйжалуулукка жетишүү кант кызылчасы бардык аянттын 20 проценттен ашуунун ээлеген учурда гана боло тургандыгын көрсөтөт. Эгер 1970-жылы Чүй өрөөнүндөгү колхоздордо кант кызылчасынын аянты жалпы аянттын орто эсеп менен 16,7 процентин ээлеген десек, анда адистештирүү дале болсо зарыл керектүү деңгелге жетпегендиги, аны өзгөчө артта калган чарбаларда тереңдетүү керектиги ачык-айкын болот. Мындай чарбалар бардык чарбалардын ичинен көпчүлүгүн түзөт. Алсак, кант кызылча аянтынын салыштырма салмагы 10 процент болгон колхоздор бардык колхоздордун жалпы аянтынын көлөмүнүн 13 процентин, 15 проценттүүлөр —33,4, 20 проценттүүлөр —35,2 процентин, 20 проценттен жогоркулар 18,4 процентин ээлешет. Бул маалыматтар чарбаларды адистештирүүдө белгиленген планга ылайык өндүрүштү уюштуруу боюнча дагы чоң иштерди жүргүзүү керектигин көрсөтөт.

Колхоздордогу адистештирүү жана тармактарды рационалдуу айкалыштыруу маселелерин чечүүдө төмөндөгүлөрдү эске алуу керек. Айыл чарба өндүрүшүнүн экономикалык натыйжалуулугун, анын ичинде кант кызылчасынын өзүнө турган наркын төмөндөтүү айыл чарба өндүрүшүн жогору механизациялаштырган негизде жүргүзүүгө, эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга, илимдин жана алдыңкы тажрыйбанын жетишкендиктерин өндүрүшкө киргизүүгө, продукциянын өзүнө турган наркын төмөндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүү аларды концентрациялоонун деңгелине көз каранды.

Өрөөндөгү айыл чарба өндүрүшүн концентрациялоо процесси 110 колхозду 60 колхозго ирилештирүү жана жер аянтынын бирдигине болгон негизги каражаттарды концентрациялоо жолу менен ишке ашкан.

1970-жылдагы келтирилген маалыматтардан көргөндөй бардык көрсөткүчтөр боюнча колхоздордун орточо өлчөмү 1962-жылга салыштырганда 2—3 эсе жогорулаган. Бирок муну менен бирге колхоздордун өз алдынча чыңдалуусу бардык убакта негизделбегендигин белгилей кетүүбүз керек. Аны иш жүзүнө ашырууда аша чаап кетүүлөргө да жол берилген. Кээде калк жашаган 5—6 пункттарды бириктирген колхоздор да түзүлгөн. Мындай чарбаларды башкаруу жеңил-желпи болгон эмес, алардын жетекчилеринин өндүрүштү талаптагыдай уюшту-

рууга жана ири өндүрүштүн артыкчылыктарын пайдаланууга мүмкүнчүлүктөрү жетишпеген.

Колхоздорду ирилештирүү массалык мүнөзгө ээ болсо да, ошону менен бирге өрөөндөрдөгү көпчүлүк колхоздор дүң продукцияны өндүрүүнүн көлөмү боюнча да, ошондой эле айыл чарба жеринин аянты жана өндүрүштүн негизги каражаттары боюнча да бири-биринен көп айырмаланганын белгилей кетүү керек. Азыркы учурда колхоздордогу айдоо аянттарын өлчөмү 8,0 миң гектардан 50 миң гектарга дүң продукциянын көлөмү 610 миң сомдон 3.800 миң сомго, негизги өндүрүштүк фондулар 1,5 миллион сомдон 7,2 миллион сомго чейин бири-биринен айырмаланган өлчөмдү түзөт. Чарбалар интенсивдүүлүгүнүн деңгели боюнча да олуттуу айырмачылык-

26-таблица

**Чүй өрөөнүнүн колхоздорунун орточо өлчөмү**

| | Өлчөө бирдиги | 1962-ж. | 1970-ж. | 1962-жылга салыштырганда 1970-жылдагы өсүш проценти |
|---|---|---|---|---|
| 100 га айыл чарба жерине эсептелинген өндүрүштүк негизги фондулар | миң сом менен | 5,7 | 12,9 | 226 |
| Анын ичинде: айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү | —»— | 1,6 | 3,6 | 225 |
| механизация каражаттары | —»— | 0,8 | 2,3 | 288 |
| Бир чарбанын айыл чарба жеринин өлчөмү | га | 20261 | 23063 | 115 |
| анын ичинде айдоо аянты | —»— | 4027 | 4706 | 129 |
| Орточо бир чарбага туура келген кант кызылчасынын аянты | —»— | 520 | 753 | 144 |
| Орточо бир чарбага туура келген эмгекке жарактуу колхозчулардын саны | адам | 925 | 1072 | 115 |

тарга ээ. 100 гектар айыл чарба жерине эсептелинген дүң продукцияны өндүрүүнүн деңгели 3,5 миң сомдон 18,6 миң сомго чейинки сумманы түзөт.

Чүй өрөөнүнүн колхоздорунун негизги тармагы кант кызылчасын өстүрүү жана мал чарбачылыгы болгондуктан кант кызылчасын айдоону концентрациялоонун деңгели чарбалардын экономикалык көрсөткүчтөрүнө, анын ичинде кант кызылчасын өндүрүүнүн экономикасына кандай таасир тийгизерин карап көрөлү (27-таблица).

Бир чарбага орточо эсептегенде кант кызылчасын айдоо аянты өскөн учурда өндүрүштү концентрациялоонун, эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгелин, өндүрүштүк негизги фондуларды пайдалануунун эффективдүүлүгүнүн жана продукциянын өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн ортолорунда түздөн-түз көз карандылык бар экендигин жогоруда берилген маалыматтар көрсөтүп олтурат. Маселен, III группадагы колхоздордо I группадагы колхоздордогуга караганда ар бир иштелген адам-күндө 55 процент жогору өндүрүлгөн, өндүрүштүк негизги фондулардын ар бир сомуна III группада 1 группага салыштырганда дүң киреше 37,4 процент, таза киреше 56,6 процент жогору болгон. IIIгруппадагы колхоздордо кант кызылчасын айдоонун концентрациясы жогору болгондуктан бул тармактын товардуулугу да өсүүдө, продукциянын чыгымдары азаюуда, өндүрүштүн рентабелдүүлүгү өсүүдө. III группадагы колхоздордо бардык өнддүрүштүк көрсөткүчтөр I группадагылар түгүл II группадагылардан да жогору турат.

Булардын бардыгы кант кызылчасын айдап-себүүнү концентрациялоонун деңгелин бир топ жогорулатуу менен жерди жана негизги фондуну интенсивдүү пайдалануунун натыйжасы болуп саналат жана кант кызылчасын айдап-себүү концентрациясы аз болгон колхоздордо зор резервдер бар экендигин көрсөтөт.

Акыркы учурда Чүй өрөөнүнүн колхоздорунун 16,6 процентинин кант кызылчасы үчүн болгон жерлери 400 гектардан аз, ал эми 42,6 процентинин жерлери 800 гектарга гана чейин. Ошол эле учурда колхоздордун 27,8 процентинин кант кызылчасы үчүн болгон аянты (орточо бир чарбага эсептегенде) 1000 гектардан ашат. Демек, азыркы учурда өрөөндүн көпчүлүк колхоздору кант кызылчасын айдоо аянтын 1,3—1,5 эсеге көбөйтүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Эгер 1 группадагы колхоздор кант кы-

27-таблица

**Өндүрүштүк негизги фондуларды пайдалануунун эффективдүүлүгүн жогорулатууда өндүрүштү концентрациялоонун тийгизген таасири (1964-жылдын маалыматтары боюнча)**

| Кант кызылчасын айдоону концентрациялоо боюнча колхоздордун группасы | Группадагы колхоздордун саны | 100 га а/ч жерине эсептелген өндүрүштүк негизги фондулар (миң сом менен) | Жалпы товардык продукциянын ичинде кант кызылчасын сатуудан түшкөн акчанын салыштырма салмагы (% менен) | Жалпы айдоо аянтынын ичинде кант кызылчасы айдалган аянттын салыштырма салмагы (% менен) | Эмгек өндүрүмдүүлүгү адам-күнгө эсептелген дүң продукт сом менен | Өндүрүштүк негизги фондулардын 1 сомуна өндүрүлгөнү (сом менен) | | Дүң продукциянын 100 сомуна кеткен материалдык эмгектик сарптоолор (сом менен) | Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү (% менен) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | дүң киреше | таза киреше | | |
| I 500 га чейин | 14 | 4,9 | 36,7 | 12,5 | 8,4 | 0,67 | 0,23 | 76,4 | 30,8 |
| II 500дөн 1000 га чейин | 25 | 7,5 | 40,2 | 15,3 | 12,3 | 0,78 | 0,25 | 78,1 | 28,0 |
| III 1001 гектардан жогоркулар | 15 | 8,7 | 50,5 | 18,6 | 13,0 | 0,92 | 0,36 | 72,0 | 38,8 |
| III группадагы колхоздордун I группадагы колхоздорго проценттик катышы | | 177,6 | 137,6 | 148,8 | 154,8 | 137,4 | 156,6 | 94,2 | 126,0 |

зылчасын айдап-себүүнү концентрациялоо боюнча орточо деңгелге (753 гектарга) жетишсе, анда колхоздор кызылчанын түшүмдүүлүгүн 1,3 эсеге жогорулатууга жана продукциянын бирдигине өндүрүштүк чыгымдарды 10—15 процентке азайтууга жетише алыша турганын эсептөөлөр көрсөтүп олтурат.

Мына ошентип, бүтүндөй айыл чарба өндүрүшүнүн өсүшү, анын ичинде кант кызылчасын өндүрүүнүн өсүшү өндүрүштүк түздөн-түз көз каранды абалда болот. Бирок өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүүнүн эффективдүүлүгү белгилүү бир өлчөмгө чейин гана болорун эстен чыгарууга жарабайт. Мында бүтүндөй алганда чарбачылыктын оптималдуу өлчөмүн жана алардын ичинде өндүрүштүк бөлүкчөлөрдү (бригадаларды жана фермаларды) түзүү зор мааниге ээ болот.

Биздин эсептөөлөрүбүз боюнча, сугат дыйканчылыгынын шарттарында колхоздордун жер аянты боюнча өлчөмдөрү төмөнкүчө аныкталат: 16—18 миң га айыл чарбасына жарактуу жерлер, анын ичинен 3,5—4,0 миң га айдоо жана 750—800 га жери негизги техникалык өсүмдүктөр — кант кызылчасы айдалат, бул болсо жалпы айдоо аянттарынын 18—20 процентин түзөт.

Бул салыштырма салмакты оптималдуу деп эсептөөгө болот, ал айыл чарба өндүрүшүнүн өнүгүшүнүн азыркы этабында кант кызылчасын өстүрүүгө адистештирүүнү камсыз кылат. Мындай өлчөмдөрдө чарбаларда колхозчулардын бир кыйла толук иштешине жетишилет, жер жана негизги каражаттардын пайдаланылышынын деңгели жогору болот, ошону менен бирге ар гектар жерден продукциянын бир кыйла көп алынышына жетишилет жана продукциянын өзүнө турган наркы төмөн болот. Мына ошондуктан жакын арадагы мезгилдин ичинде колхоздордун айдоо аянттарынын структурасын кайрадан карап чыгуу жана кант кызылчасынын айдоолорун уюштуруу-чарбалык жана экономикалык шарттарды эске алуу менен компакттуу массивдерге топтоштурууну ишке ашыруу максатка ылайыктуу болот. Мындай топтоштуруу чарбалардын оптималдуу өлчөмдөрүн аныктаган учурда чоң мааниге ээ болот.

Бирок, Москва районундагы «Заветы Ильича», «Красный Октябрь» Калинин районундагы Ильич атындагы колхоздордун 29,0 миң гектардан 35,0 миң гектарга чейин айыл чарбасына жарактуу жерлери, анын ичинен

8,4 миң гектардан 9,9 миң гектарга чейин айдоо жана 1200 гектардан 1800 гектарга чейин кызылча аянттары бар, ошентип алар жер аянтынын бирдигинен жана негизги өндүрүштүк фондулардан өтө жогорку дүң продукция алып келе жатышкандыктарын эске алуу керек. Же болбосо Кант районундагы «Алга» колхозун алып көрөлү. Анын бар болгону айыл чарбасына жарактуу 13,4 миң гектар жери, анын ичинен 2072 гектар айдоо жана 512 гектар кант кызылчасы бар. Ал өрөөндөгүгө караганда кант кызылчасынын айдоолорунан айыл чарбасына жарактуу 100 гектар жерге эсептегенде түшүмдү орто эсеп менен эки эсе көп алып келе жатат. Бул болсо чарба өндүрүштү интенсивдүү жүргүзүп жаткандыгы, кант кызылчасын өндүрүүнүн ири өндүрүшүнө болгон адистешүүнү жакшы түшүнгөндүгү (кант кызылчасы бардык аянттын 27 процентин жана чарбанын товардык продукциясынын 43,2 процентин ээлейт) менен баяндалат.

Мындай мисалдар өтө көп, аларды кайсы гана райондон болбосун келтирүүгө болот. Мындай чарбалар индивидуалдык мамиле кылууну талап кылат жана аларды жалпы стандарт боюнча сүрөмөлөөгө жарабайт. Мына ошентип, айыл чарба ишканаларынын көлөмүн мындан ары арттыруунун жана алардын ичинде алдыңкы тармактардын көлөмүн көбөйтүүнүн зарылдыгы мүмкүнчүлүктөрү бар жерлерде өндүрүштү адистештирүү жана топтоштуруу, ошондой эле бириктирүү жолдору менен жүргүзүлөт.

Көпчүлүк учурларда жер аянттарынын өлчөмдөрү оптималдуу болгон ирилештирилген колхоздордо да өндүрүштү топтоштуруу күтүлгөн натыйжаны бере албай жатат анткени колхоздорду ирилештирүү тармактарды тийиштүү топтоштуруу жана адистештирүүнүн деңгелин жогорулатуу менен узатылган эмес. Чарбалардын ичинде өндүрүштүк подразделениелерди так адистештирүүнүн жана топтоштуруунун жоктугунан өндүрүштү топтоштуруу боюнча чаралар өзүнүн максатына жетпей калат.

Мына ошондуктан колхоздук өндүрүштүн чачкын болушун жоюу үчүн бүтүндөй колхоздорду ирилештирүүнүн жана адистештирүүнүн гана эмес, ошону менен бирге ар бир чарбада бригадалар менен фермаларды туура адистештирүүнү ишке ашыруунун да чоң мааниси бар. Мисалы, Москва районундагы «Красный Октябрь» колхозунда 1962-жылга чейин бардык бригадаларында

кант кызылчасын, дан эгиндерин жана жашылча өндүрүү менен бирге тоют өсүмдүктөрүн өндүрүүнүн үстүндө да иштеп келишкен, ал эми мал чарба фермалары болсо продукциянын белгилүү түрлөрүн өндүрүүгө адистештирилген эмес: фермаларда бардык группадагы мал бирге күтүлүп келген (алардын көлөмү майда болгон, начар механизациялаштырылган), ошондой болсо да мал чарбасынын тармактары негизги тоют өндүрүүчүлөрдөн ажырап калган. 1962-жылдан тартып колхоз чарбанын тармактарын жайгаштыруунун мындай принциптеринен баш тартып, бригадалар менен фермаларды адистештирүү жана топтоштуруу жолуна өткөрүү, башкача айтканда, ар бир фермада малдын бир же эки гана түрүн калтырган. Бригадаларды адистештирүү жана ирилештирүү мезгилинде колхоздун жетекчилиги жумушчу күчү менен камсыз болууну эсепке алууга, колдо болгон мал чарба курулуштарына, малды тоют базасы менен камсыз кылуунун мүмкүнчүлүгүнө, негизги өсүмдүктөрдүн жетиштүү болушуна жана башка факторлорго негизденишкен.

Азыр сүт жана уй этин өндүрүүдө биринчи, экинчи жана үчүнчү комплекстүү бригадалар иштешет. Мында сүт берүүчү малдардын бардыгы топтолгон, малды тоют менен камсыз кылуу үчүн зарыл сандагы айдоолордун жана чөп чабындылардын аянттары бөлүнүп берилген. Болгон он чочколордун бардыгы азыр экинчи бригадага топтолгон. Кой үчүнчү жана төртүнчү бригадаларга бөлүштүрүлүп берилген, мындан тышкары төртүнчү бригадага бакма канаттуулардын бардыгы топтолгон, анда жылкы товар фермасы, ошондой эле уйларды бордоп семиртүү уюштурулган.

Төртүнчүдөн тышкары бардык бригадалар фабрикалык кызылча өстүрүүнүн үстүндө иштешет, ал эми товардык дан өндүрүүнүн калган бөлүгү төртүнчү бригадага топтолгон.

Чарбалык ички адистештирүүнүн негизинде фермаларды рационалдуу түрдө адистештирүүгө: сүт товар фермаларында 400—500 уйга чейин, чочко өстүрүү фермаларында минге чейин чочко, кой өстүрүү фермаларында 30 миңге чейин кой өстүрүүгө мүмкүн болду, булар мурда үч кыштакта багылып келген. Мындан тышкары, бул, кадрларды жакшы жайгаштырууга, аларды адис-

28-таблица

**Москва районундагы «Красный Октябрь» колхозунун трактордук комплекстүү бригадасынын өлчөмдөрү**

| | Комплекстүү бригадалар | | | Багбанчылык огородчулук бригада |
|---|---|---|---|---|
| | № 1 | № 2 | № 3 | |
| Бекитилип берилген айдоо жерлери, га | 4436 | 2429 | 1281 | 34 |
| Табигый чөп чабынды, га | 60 | 450 | 650 | 42 |
| Эмгекке жөндөмдүү колхозчулар | 292 | 509 | 410 | 110 |
| Бекитилип берилген продуктылуу мал 1/I-66-жылга уй | 1079 | 1887 | 576 | — |
| Анын ичинен саан уй | — | 985 | 361 | — |
| Чочко | — | 962 | — | — |
| Қой | 12693 | — | 19980 | — |
| Бекитилип берилген техника: | | | | |
| трактор, даана | 25 | 33 | 20 | 6 |
| комбайн, даана | 7 | 4 | 4 | — |
| Қызылча жыйноочу комбайн, даана | 3 | 6 | 5 | — |
| Жаан жаадыруучу машина | 1 | 2 | 1 | — |

тештирүүгө, өндүрүштүн бир кыйла өркүндөтүлгөн технологиясын кийирүүгө, эт багытындагы малды интенсивдүү семиртүүгө, саан аянтчаларында механикалык жол менен саап алууга мүмкүндүк берди.

Қолхоздордо чарбалык ички адистештирүүнү жана топтоштурууну тереңдетүү боюнча өткөрүлгөн чаралар эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жана колхоздун экономикасынын белгилүү түрдө өсүшүн камсыз кылды, мисалы, бир жылдын ичинде бүтүндөй колхоз боюнча эмгек өндүрүмдүүлүгү 17 процентке, сүт өндүрүүдө 15 жана уй этин өндүрүүдө 42 процентке өстү.

Ички чарбалык адистештирүүнү жана айыл чарба өндүрүшүн топтоштурууну өткөрүүнүн келтирилген бул мисалдары кайсы гана колхоздо болбосун бул факторлордун эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн жана өндүрүштүк негизги фондуларды пайдалануунун натыйжалуулугунун өсүшүнө чоң таасир тийгизе тургандыгынын мисалы бо-

луп саналат. Азыр бардык колхоздордо терендетилген адистештирүүнү жана топтоштурууну киийрүү боюнча иштерди кеңири жайылтуунун зарылдыгы жетилип олтурат. Бул өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча бүтүндөй план ченемдүү иштердин маанилүү бөлүгү.

Өкмөттүн Чүй өрөөнүнүн колхоздорунда айыл чарба өндүрүшүн адистештирүүнү тереңдетүү жөнүндөгү чечимдерине байланыштуу бул багытта белгилүү иштер жүргүзүлүп жатат. Бирок, кээ бир объективдүү жана субъективдүү факторлордун натыйжасында бул чаралар өздөрүнүн максатына жетише албай жатат.

Азыркы кезде чарбанын багытын аныктоочу негизги фактор болуп белгилүү бир продукцияга мамлекеттин чарбага план-заказы болуп санала тургандыгы белгилүү. Бул планга негизденип чарба өзүнүн өндүрүштүк багытын аныктайт жана ага ылайык өзүнүн финансы жана эмгек ресурстарын бөлүштүрөт. Бирок, чарбалар үчүн алардын багытын аныктоодогу негизги фактор продукты сатуунун планы экендигине карабастан ал баары бир натыйжасыз болуп кала бергендигин турмуш көрсөтүп олтурат. Азыркы кезде макулдашуучулук, продукт сатуунун планы жана бир жагынан өндүрүштүн эффективдүүлүгү менен материалдык-техникалык жабдуунун, кредиттөөнүн, колхоздорду материалдык стимулдаштыруунун, капиталдык салымдардын, илимдин жетишкендиктери менен практиканы пропагандалоонун жана дагы ушулар сыяктуулардын ортосунда байланыш аз.

Мындай абалдын башкы себеби болуп терең ойлонулган байланыштын, продукция сатууну пландаштыруунун жана финансылоонун, чарбаларды кредиттөөнүн жана аларды материалдык-техникалык жабдуунун ортосундагы терең ойлонулган байланыштын жоктугу болуп саналат.

Мына ошондуктан башкы милдет мамлекеттин жана чарбанын бардык материалдык жана финансы ресурстарынын башкы жана негизги тармактарды өнүктүрүү жана өркүндөтүү үчүн багытталышында турат. Мына ушундай учурларда гана мамлекеттин план-заказы чарбаларды адистештирүүгө белгилүү ролго ээ болот. Мамлекет кредиттердин чыгымдалышын контролдукка алууга, чарбаларга кредиттердин багытын көрсөтүүгө жана кредиттерди биринчи кезекте алдыңкы тармактарды

өнүктүрүүгө берүүгө тийиш. Азыркы кезде мындай иштелбей жатат, кредиттер бардыгына эле алардын натыйжалуулугун жана чарбаларды адистештирүүнү аныктабастан, материалдык-техникалык каражаттар өндүрүштүн багытын жана көлөмүн эске албастан эреже катарында бардыгына аз-аздан бөлүнүп берилүүдө. Мындай практика тереңдетилген адистештирүүнү турмушка ашырууну татаалдандырат жана артка тартат.

Биз жогоруда көргөндөй, Чүй өрөөнүнүн колхоздук өндүрүшүнүн алдыңкы тармактарынан болуп саналган чарбаларды адистештирүүнү аныктоочу — бул кызылча өстүрүүчүлүк болуп саналат. Мындан тышкары өрөөндүн шарттарында кой чарбасын жана эт-сүт багытындагы малды өнүктүрүүнүн реалдуу мүмкүнчүлктөрү бар. Колхоздордун жана мамлекеттин капиталдык салымдары жана материалдык-акчалай чыгымдары өндүрүштүн мына ушул алдыңкы үч тармагын өнүктүрүүгө жана өркүндөтүүгө, аларды материалдык-техникалык база менен камсыз кылууга, акча каражаттары жана жумушчу күчү менен камсыз кылууга багытталууга тийиш. Кыскасын айтканда, бардык көңүл мына ушул башкы тармактарды өнүктүрүүгө багытталууга тийиш, мына ушундай учурларда гана адистештирүүнү тереңдетүүгө багытталган бардык чаралар таасирдүү жана натыйжалуу болот.

Экономикалык адабиятта көп учурларда, өндүрүштү адистештирүү жана топтоштуруу анчалык көп кошумча салымдарды талап кылбайт, анын тескерисинче, чарбалар аларды ишке ашыруунун натыйжасында капиталдык салымдардан үнөм алышат, демек бул нагыз уюмдаштыруу чараларынан болуп саналат, деп айтылып жүрөт. Бул пикир таптакыр туура эмес, ошонтип ал чарбалардын жетекчилерине, пландоочу органдарга туура эмес багыт берет. Бул маселени тактоо керек.

Чарбалар же зоналар белгилүү өндүрүштүк багыт алган кезде, башкача айтканда, алар белгилүү бир товардык продукцияны өндүрүүгө, айталы кант кызылчасын, сүт жана уй этин өндүрүүгө адистештирилген кезде алардын жалпы товардык продукциядагы салыштырма салмагы кескин түрдө көбөйүүгө жана артыкчылыкты ээлеп калууга тийиш. Мына ушуга ылайык айдоо аянттары жана малдын саны, өсүмдүк өстүрүүчүлүктүн жана мал чарбасынын башка кошумча тармактары кыскарууга тийиш. Мына ушундай, натыйжасы аз өндүрүштөрдү

кыскартуу, тийиштүү зонанын шарттарында тармактардын жана механизмдердин бошотулушуна, имараттардын жана жабдуулардын бошотулушуна алып келет. Бошотулуп алынган бул каражаттар үнөм болуп саналабы жана ал кандай өлчөмдө үнөм болуп саналат. Баарыдан журда муну далилдөөнүн алдында төмөндөгү шарттарды эске алуу керек.

Биринчиден, бошотулган механизмдер, жабдуулар, имараттар тийиштүү чарбаларда колдонулбайт, аларды демейде эсептен чыгарып салышат же жакшы эле дегенде аларды ыкташтырып же болбосо муктаж чарбаларга бир кыйла арзан баада сатып жиберишет.

Экинчиден, мындай үнөмдөрдүн көлөмү өндүрүштүн негизги каражаттар менен жабдылышына, жоюлуучу тармактардын механизацияланышынын жана электрлештирилишинин даражасына жараша болот. Бул жагынан айыл чарбасынын ийгилиги али жетишсиз экендиги белгилүү.

Үчүнчүдөн, бул өтө маанилүү, үнөмдүн өлчөмү өндүрүш багытына жана өлчөмүнө, башкача айтканда, продукциянын белгилүү түрлөрүнүн өндүрүлүшүнө жараша болот. Эгерде чарба буга чейинкиге караганда (эгин, жашылча, жүн, койдун эти) фондуну көп талап кылуучу тармактарды өнүктүрүүгө (кант кызылчасы, сүт, уйдун эти, чочко) адистештирилген болсо анда үнөмдүн өлчөмү өтө эле аз болот жана да жаңы шарттарда капиталдык салымдарга анын керектөөлөрүн жаба албайт.

Төртүнчүдөн, өндүрүштү адистештирүү жана топтоштуруу айыл чарба өндүрүшүнүн сезондуулугун кескин түрдө күчөтөт. Жумуштарды өз убагында бир кыйла кыска мөөнөттө бүткөрүү үчүн аларды максималдуу түрдө механизациялаштыруу, жаңы техниканы жана технологияны жана илим менен практиканын жетишкендиктерин өндүрүшкө кийирүү зарыл. Бул өз кезегинде зор капиталдык салымдарды талап кылат, чарбада акча каражаттарына чоң оорчулукту туудурат. Мына ушул жактардын бардыгын чарбанын багытын тандоо учурунда эске алуу, талап кылынган капиталдык салымдардын көлөмүн эсептеп чыгуу керек, аларды эсепке албай туруп өндүрүштү тереңдетилген адистештирүүгө жана рационалдуу топтоштурууга жетишүүгө мүмкүн эмес.

Эгерде зарыл болгон машиналар менен механизмдер жок болуп калса анда адистештирүү жана топтоштуруу

күтүлгөн пайданы берүүсү мындай турсун, зыянга алып келет. Бул же тигил чарбаны адистештирген кезде өндүрүштүк мүмкүнчүлүктөр материалдык-техникалык база жана жумушчу күчүнүн болушу менен аныктала тургандыгын эске алуу керек. Бул фактыларды четке кагуу өтө тескери натыйжаларга алып келет. Мисалы, кант кызылчасынын салыштырма салмагы же айдоо аянттарында жашылча өсүмдүктөрүнүн салыштырма салмагы жогору болгон адистештирилген чарбаларда керектүү техниканын жоктугунан аларды жоюу кечиктирилет, же жыйылбастан калып калат, ошону менен чарбага чоң зыян келтирет.

Демек, өндүрүштү адистештирүү техника менен жабдууга жана эмгекти уюштуруунун формаларын өркүндөтүүгө ажырагыс байланыштуу. Бул негизги талаптар чарбалардын жетекчилери тарабынан гана эске алынбастан, ошону менен бирге бул чарбаларга заказды аныктоочу, мамлекетке продукция сатууну, белгилөөчү уюмдардын жетекчилери да эске алуулары тийиш. Буларды эске албоо адистештирүүнүн натыйжалуулугунун дагы эле болсо төмөн экендигинин жана аны кеңири масштабдарда өткөрүүнү артка тартып жаткандыгынын негизги себептеринин биринен болуп саналат, мындай кемчиликтер азыр да орун алып келе жатат. Мына ошентип, натыйжалуу адистештүрүүнүн жана топтоштуруунун зарыл шарттары продукция сатууну жана чарбаны материалдык-техникалык кредиттөөчү жана эмгек ресурстары, мамлекеттик заказ менен бирге пландаштыруу болуп саналат.

Чарбалардын негизги өндүрүштүк фондулар менен жабдылышы өндүрүштүн натыйжалуулугуна жана анын көлөмүнө кандай таасир тийгизе тургандыгы 29-таблицада көрсөтүлгөн.

Ири колхоздордо жерди гана эмес, жумушчу күчүн, ошону менен бирге өндүрүштүн каражаттарын бир кыйла рационалдуу пайдалануу үчүн жакшы мүмкүнчүлүктөр түзүлүүдө. Мисалы, өндүрүштүк негизги фондулардын 100 сомуна дүң продукция алуу экинчи группада биринчи группадагыга салыштырганда 19,8 процентке, үчүнчү группада — 27,5 процентке жогору болгон. Ири чарбалар өндүрүштүк негизги фондуларды мыкты пайдалануу менен дыйканчылыктын өтө жогорку маданиял-

29-т а б л и ц а

**Өндүрүштүк фондулардын көлөмүнө жараша Чүй өрөөнүнүн колхоздорунун экономикалык пайдалары (1964-жылдын маалыматтары менен)**

| Көрсөткүчтөр | Өлчөө бирдиги | 100 га айыл чарба жерине эсептелген өндүрүштүк негизги фондулардын наркы боюнча колхоздордун группасы (миң сом менен) | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 5,6 чейин | 5,7—9,6 чейин | 9,6 жогоркулар |
| Группадагы колхоздордун саны | | 12 | 27 | 15 |
| Бир чарбага эсептегенде өндүрүштүк негизги фондулар | млн. сом менен | 1,3 | 1,7 | 1,9 |
| 100 га айыл чарба жерине | миң сом менен | 4,3 | 7,3 | 11,5 |
| Бир чарбага эсептегенде айыл чарба жери | миң га | 30,2 | 28,8 | 16,7 |
| 100 га айыл чарба жерине өндүрүлгөн дүң продукция | миң сом менен | 4,2 | 8,6 | 14,3 |
| Өндүрүштүк негизги фондунун 100 сомуна эсептегенде түшкөн дүң продукция | сом менен | 91,2 | 118 | 125 |
| Эмгек өндүрүмдүүлүгү (дүң продукциянын бир адам-күнүнө турган наркы) | сом менен | 8,6 | 12,2 | 12,7 |
| Өндүрүштүн рентабелдүүлүгү | процент менен | 22,3 | 32,0 | 40,1 |

тын камсыз кылып, жогорку түшүм, мал чарбасынан көп продукция алууга жетишип келе жатышат.

Жогоруда келтирилген маалыматтар, өрөөндүн колхоздорунда өндүрүштүк негизги фондулар менен кандайдыр бир деңгелде камсыз болгон учурларда (100 гектар айыл чарба жерин эсептегенде 12 миң сомдон кем эмес өндүрүштүн негизги фондусу болсо), 16—18 миң гектар айыл чарба жери болгон чарба бир топ рационалдуу болот деп корутунду чыгарууга мүмкүндүк берет.

Мына ушунча айыл чарба жери бар жана өндүрүштүн негизги каражаттары менен талаптагыдай камсыз

болгон чарбаларда эмгек өндүрүмдүүлүгү, өндүрүштүн рентабелдүүлүгү, жана өндүрүштүн негизги фондуларынан түшө турган пайдалар алда канча жогору болот. Бирок, Чүй өрөөнүнүн шарттардында жери арбын чарбаны өтө пайдалуу деп эсептөө керек детен ойлор көп айтылып жүрөт. Таблицадан көрсөтүлгөндөй, орточо ар бир чарбага эсептегенде 30,2 миң гектар айыл чарба жери бар биринчи группадагы колхоздордо жер аянтынын бир бирдигине III группадагыга караганда 2,7 эсе аз өндүрүштүк негизги фондулар туура келет, ал эми бир гектар жерден алынган продукция 2,6 эсеге аз. Мындай абалды кандайча түшүндүрүүгө болот? Анын башкы себеби жумуштун көлөмү менен колдо болгон өндүрүштүк кубаттуулуктардын ортосундагы бири-бирине туура келбегендик, бул болсо жерди, жумушчу күчүн жана техниканы рационалдуу эмес пайдаланууга алып келет. Арбын жери бар чарбалар үчүн керектүү сандагы негизги каражаттарды бөлүү жана өндүрүштү интенсификациялоонун деңгелин жогорулатуу — ал колхоздордо айыл чарба продуктыларын өндүрүүнү тез көбөйтүүнүн жана анын рентабелдүүлүгүн жогорулатуунун зарыл шарты.

Талап кылгандай өндүрүштүк негизги каражаттарды бөлбөй туруп жана техника менен жабдууну жогорулатпай эле колхоздордо айыл чарба жеринин көлөмүн көбөйтүү жана адистештирүүнү тереңдетүү—ар качан максатты актабайт.

Чүй өрөөнүнүн колхоздорунун чарбачылык ишинин анализи кант кызылчасын өстүрүүнү адистештирүүнүн жана концентрациялоонун деңгели канчалык жогору болсо өндүрүштүк негизги фондулардын эффективдүүлүгү жана өндүрүштүн рентабелдүүлүгү да ошончолук жогору болорун көрсөтүп олтурат. Демек, концентрациялоо жана адистештирүү кант кызылчасын өстүрүүдө эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун жана анын өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн эң маанилүү резервдери болуп саналат.

МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . 3
Айыл чарба продукциясынын өзүнө турган наркы жана аны эсептөөнүн методдору . 5
Кант кызылчасынын өзүнө турган наркынын азыркы деңгели жана динамикасы . 13
Кант кызылчасынын өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн жолдору . . . . . 30
Түшүмдүүлүктү жогорулатуу —кант кызылсын өндүрүүнүн өзүнө турган наркын төмөндөтүүнүн башкы багыты . . . . 30
Кызылча өстүрүүчүлүктө эмгек процесстерин комплекстүү механизациялаштыруу — продукциянын бирдигине жумшалуучу материалдык — эмгек чыгымдарын төмөндөтүүнүн негизги жолу . . . . . . . . 43
Кант кызылчасын өндүрүүнү адистештирүү жана концентрациялоо . . . . . 55

Б. Черикчиев, К. Чыныгышев.

ПУТИ СНИЖЕНИЯ СЕБЕСТОИМОСТИ САХАРНОЙ СВЕКЛЫ

*(На киргизском языке)*

Редактор *М. Ормонбеков*
Худ. редактор *К. Сейталиев*
Тех. редактор *Г. Шаршекеева*
Корректор *Ж. Байсеркеева*

Терүүгө 14/IX-1972-ж. берилди. Басууга 29/XI-1972-ж. кол. коюлду Д—02433. Кагазы типографская № 3, форматы 84×108[1]/[32], 2,37 физ. басма табак, 3,99 шарттуу басма табак, 3,84 учеттук табак. Тиражы 3000. Заказ № 2519. Баасы 10 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулевская, 102,
Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.